Байчукуева Анара

# СЕЗИМ КАЙРЫК



Анара Байчукуева

# СЕЗИМ КАЙРЫК

*Ырлар*

Бишкек – 2017

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
Б 58

*Кыргыз Республикасынын өкмөтүнө караштуу интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын жетекчилигине, китебимди чыгарууга көмөк көрсөткөндүгү үчүн терең ыраазычылык билдирем.*

Автор.

**Байчукуева Анара.**
Б 58 **Сезим кайрык.** *Ырлар.* – Б.: 2017.– 180 б.

ISBN978-9967-15-264-4

Бул ыр жыйнагында автор турмуштун өзүнөн алынган акактай тунук сезим кайрыктарын, эл жерге, ата энеге болгон сүйүүнү, дегеле адам парасатынын айныксыз бийиктигин, ыйыктыгын даңазалайт. Акындын табият тартуулаган талант шыгынан, поэзияга болгон аяр мамилесинен жаралган ыр саптары окурмандын жүрөгүнөн түнөк табаарына ишенебиз.

Б 4702300100-14

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5

ISBN 978-9967-15-264-4

© Байчукуева А., 2017.

## АРУУ СЕЗИМ – АКЫНЫ

Жаратылыш менен адам дүйнөсү өтө байланыштуу белем. Абасы таза, суусу тунук, тоосу бийик  Жумгалдын Кызарт жеринен дал ошол өз туулган жерин тарткан жан дүйнөсү таза, ойлогон ою тунук, тили таттуу бир аруу сезимдүү акын кыз кошулду арабызга. Ал анчалык байкалбаган, озунбаган, обдулбаган, бир калыпта  созулуп басып, созулуп жүргөн, акырын сүйлөп, акырын күлгөн  бирок, жүрөгүнүн тереңинде акындык табияты жалындап күйүп тынчтык бербеген, аны жазбай койо албай аны өзүнүн табигый таза сезимдерине бөлөп, аздектеп алып жүргөн – Анара Байчукуева.

Ошол акырын жүргөн Анаранын ой түйүмү баамчыл, адамдарды баалай билет, көркөмдүктү көрө билет, жашоо күндү, Ата журтту сүйө билет. Ошол көз карашы ырларына чөгөрүлгөн.

Акын болуунун өзүнчө окуусу жок. Акын өзүн өзү окутат, өзүн өзү  өнүктүрөт, таптайт өмүр бою. Анара  да ошондой, билими экономист – бухгалтер болсо да ырында билимдүү такшалган акындарды элестетип турат.

Акындын ырларынын артыкчылыгы анын сезимталдуулугунда. Китебинин аты айтып тургандай ырлары чыныгы аруу, назик сезимден жаралган. Ооба ырда эң биринчи сезим болуш керек. Өзүнчө сезими жок, олуттуу ою жок баягы эле айтылып жүргөн кургак ырларды жазып да кереги жок. Ыр жазып жатканда бул ырым адамга эмне бере алат деп эң алгач ошону ойлонуу керек. Ыр адамды ойлондуруп, эргитип, жүрөгүнө от берип, жакшы нерселерге шыктандырып, жалындатып турса дейбиз. Ошол талапка Анара өз кудуретине жараша жооп берүүгө жасаган аракети көрүнүп турат.

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
Б 58

*Кыргыз Республикасынын өкмөтүнө караштуу интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын жетекчилигине, китебимди чыгарууга көмөк көрсөткөндүгү үчүн терең ыраазычылык билдирем.*

Автор.

**Байчукуева Анара.**
**Б 58** **Сезим кайрык.** *Ырлар.* – Б.: 2017.– 180 б.

ISBN978-9967-15-264-4

Бул ыр жыйнагында автор турмуштун өзүнөн алынган акактай тунук сезим кайрыктарын, эл жерге, ата энеге болгон сүйүүнү, дегеле адам парасатынын айныксыз бийиктигин, ыйыктыгын даңазалайт. Акындын табият тартуулаган талант шыгынан, поэзияга болгон аяр мамилесинен жаралган ыр саптары окурмандын жүрөгүнөн түнөк табаарына ишенебиз.

**Б 4702300100-14**

**УДК 821.51**
**ББК 84 Ки 7-5**

ISBN 978-9967-15-264-4

© Байчукуева А., 2017.

# АРУУ СЕЗИМ – АКЫНЫ

Жаратылыш менен адам дүйнөсү өтө байланыштуу белем. Абасы таза, суусу тунук, тоосу бийик Жумгалдын Кызарт жеринен дал ошол өз туулган жерин тарткан жан дүйнөсү таза, ойлогон оюу тунук, тили таттуу бир аруу сезимдүү акын кыз кошулду арабызга. Ал анчалык байкалбаган, озунбаган, обдулбаган, бир калыпта созулуп басып, созулуп жүргөн, акырын сүйлөп, акырын күлгөн бирок, жүрөгүнүн тереңинде акындык табияты жалындап күйүп тынчтык бербеген, аны жазбай койо албай аны өзүнүн табигый таза сезимдерине бөлөп, аздектеп алып жүргөн – Анара Байчукуева.

Ошол акырын жүргөн Анаранын ой түйүму баамчыл, адамдарды баалай билет, көркөмдүктү көрө билет, жашоо күндү, Ата журтту сүйө билет. Ошол көз карашы ырларына чөгөрүлгөн.

Акын болуунун өзүнчө окуусу жок. Акын өзүн өзү окутат, өзүн өзү өнүктүрөт, таптайт өмүр бою. Анара да ошондой, билими экономист – бухгалтер болсо да ырында билимдүү такшалган акындарды элестетип турат.

Акындын ырларынын артыкчылыгы анын сезимталдуулугунда. Китебинин аты айтып тургандай ырлары чыныгы аруу, назик сезимден жаралган. Кооба ырда эң биринчи сезим болуш керек. Өзүнчө сезими жок, олуттуу ою жок баягы эле айтылып жүргөн кургак ырларды жазып да кереги жок. Ыр жазып жатканда бул ырым адамга эмне бере алат деп эң алгач ошону ойлонуу керек. Ыр адамды ойлондуруп, эргитип, жүрөгүнө от берип, жакшы нерселерге шыктандырып, жалындатып турса дейбиз. Ошол талапка Анара өз кудуретине жараша жооп берүүгө жасаган аракети көрүнүп турат.

Ошол эле баарыбыз жазып жүргөн туулган жер, кыргыз эл, сүйүү жөнүндө жазгандары Анаранын өзүнө гана тиешелүү, өзүнүн гана ою, өзүнүн гана сөзү, өзүнүн гана көз карашы. Ырларынан жагымдуу илеп келип турат, ыргактары да ар түрдүү. Бир керемет күч өзү оозго сала берген жасалмасы жок, табиятынан келген табийгылуулук, аялдык жаракөрлүк, тилинде жатыктык, элпектик жана эргүү бар.

Бул акындын экинчи китеби. Ал анын улам жаңыланып өсүү жолунда бараткантын көрсөтүп турат. Анаранын ырларындагы жана жүрөгүндөгү асыл ой тилектери ишке ашып, поэзия дүйнөсүндөгү бийиктиктин бийигин багынта берүүсүн каалайм!

Аруу сезимиң артыла берсин!

*Гүлсайра МОМУНОВА.*
*Кыргыз Республикасынын эл акыны.*

## АК ЖОЛ САГА – АНАРА!

Анара Байчукуеваны мен окуучулук күндөрүнөн бери билем. Башынан ыр жандуу. Кыргыз поэзиясына ал турмушту көрүп, токтолуп, көз карашы бышып, тажрыйбалуу болуп калган учурда келди. Анын ырына лирика менен бирге мекенчилдик мүнөздүү. Кыргыз тарыхына, тилине, каада – салтына, адабият, маданиятына, цивилизациясына, этнографиясына өзгөчө аяр мамиле кылганы , бул багыттагы ырларга жан дилин төшөп өз көз карашын чагылдыра билгендиги анын калеминин кыйла такшалып калганынан кабар берет.

2000-жылдардан бери «Кыздар ай» адабий бирикмесинен чыккан төрт китебине жана Алыкул Осмоновдун 100 жылдыгына арналып чыккан китебине да анын канаттуу, сезимди дирилдеткен, көңүлдү дегдеткен, кушталанткан, туталанткан жана ойлондурган ырлары жарыяланды. 2015-жылы өз алдынча «Сырдуу булак» ырлар жыйнагы чыгып чыгармачыл чөйрөдө талкууланып, жакшы баага татыды. КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча Улуттук комиссиянын «Бешик ыры» сынагына активдүү катышып «Диплом» менен сыйланган.

А.Байчукуеванын «Сезим кайрык» кол жазма ырлар жыйнагын окуп канааттандым. «Тааныш жолдор», «Мен көрдүм», «Булагым», «Бийик бол», «Жактырдым кышты аяздуу», «Жүрөктө сакта», «Сезим кайрык» «Кыргыз кызын сүйгүлө» ж.б. ырларында акын изденип, кандайдыр бир деңгээлде нуска айткандай патриоттук, лирикалык ой

толгоолорун чеберчиликте берген. Мындай чынчыл ырлар окурмандардын талабына шайкеш келет.

Автордун «Сезим кайрык» ырлар жыйнагындагы ырлары – жетилген ырлар. Сөзүмдүн акырында эли үчүн эмгек өтөйм деген акын кызыбызга ак жол каалап, поэзия майданында арышы кенен, чыгармачылыгы жемиштүү болсун дейли!

*Кален СЫДЫКОВА*
Жазуучу, КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер.
Академик, Ардактуу профессор.

## «НУР ТӨГҮЛҮП БЕШЕНЕМДЕН МӨЛТҮРӨП, ЖОЛДО БАРАМ, АРУУ ТАЗА ОЙЛОР КӨП»

***** ***** *****

Жол тарткыла, жолго чыккыла,
Жоогазындуу жаштык барында.
Жүрөгүмдүн сезим кайрыгын,
Угузкула элге жайгыла.

Жол тарткыла жолго чыккыла,
Мукам муза, илхом барында.
Улуу элдин каада салттарын,
Угузкула элге жайгыла.

Жол тарткыла жолго чыккыла,
Ашууларды бийик ашкыла.
Ата баба ыйык мурасын,
Угузкула элге айткыла.

Жол тарткыла жолго чыккыла,
Жоодураган ырым, сырларым.
Жуурулушуп элди аралап,
Жолуң узак болсун ырларым!

толгоолорун чеберчиликте берген. Мындай чынчыл ырлар окурмандардын талабына шайкеш келет.

Автордун «Сезим кайрык» ырлар жыйнагындагы ырлары – жетилген ырлар. Сөзүмдүн акырында эли үчүн эмгек өтөйм деген акын кызыбызга ак жол каалап, поэзия майданында арышы кенен, чыгармачылыгы жемиштүү болсун дейли!

*Кален СЫДЫКОВА*
Жазуучу, КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер.
Академик, Ардактуу профессор.

# «НУР ТӨГҮЛҮП БЕШЕНЕМДЕН МӨЛТҮРӨП, ЖОЛДО БАРАМ, АРУУ ТАЗА ОЙЛОР КӨП»

***** ***** *****

Жол тарткыла, жолго чыккыла,
Жоогазындуу жаштык барында.
Жүрөгүмдүн сезим кайрыгын,
Угузкула элге жайгыла.

Жол тарткыла жолго чыккыла,
Мукам муза, илхом барында.
Улуу элдин каада салттарын,
Угузкула элге жайгыла.

Жол тарткыла жолго чыккыла,
Ашууларды бийик ашкыла.
Ата баба ыйык мурасын,
Угузкула элге айткыла.

Жол тарткыла жолго чыккыла,
Жоодураган ырым, сырларым.
Жуурулушуп элди аралап,
Жолуң узак болсун ырларым!

## КАНАТ БОЛДУҢ

Бир жарк этип маңдайыма табылган,
Жарык болдуң капилеттен кабылган.
Жарым кылым ортосунда жолугуп,
Жаңы дүйнө, жаңы өмүр арнаган.

Күнүм болдуң нуруң менен кубанткан,
Айым болдуң сулуулукка суктанткан.
Көрктөндүрүп көрк тартуулап күнүгө,
Гүлзар болдуң гүл бакчамды кубулткан.

Жайым болдуң жоогазындуу жайнаган,
Жарык чачып сезимимди тазарткан.
Жашоо көчү өйдөлөнүп турганда,
Канат болдуң катарымда бараткан.

Кубат бердиң, дем күч бердиң талбаган,
Эргүү бердиң эркелетип арбаган.
Эрте кечи мезгил өтсө айтылаар,
Эртеңкиме максатым бар самаган.

## ПОЭЗИЯ – СЫР ДҮЙНӨМ

Күндөр өтүп жай турмушта чалкыган,
Жөп жөнөкөй адам элем шашпаган.
Капысынан чагылгандай чарт этип,
Кирип келдиң эшигимди какпастан.

Учкундары чар тарапка чачылган,
Жан дүйнөмдү, сезимимди кубулткан.
Чырмалышкан сыйкырынан чыгалбай,
Оо далайга жүрдүм танып акылдан.

Канча өттү... түшүнбөдүм убакыт,
Жаратканым бергенсиди зор бакыт.
Тынчымды алып көөдөнүмдү куйгузуп,
Жан дүйнөмдү ээлеп алды бир багыт.

Жай жашаган жашоом калып унутта,
Көөдөнүмдө башка дүйнө чабыттап.
Гүл дүйнөбү, сыр дүйнөбү билбедим,
(калган өңдүү кайра баштан жаралып)
Өз дүйнөмдөн бара жаттым алыстап.

Айга учтум, жерге түштүм сабалап,
Океанга, чөлгө бардым эң узак.
Жаным менин жаным эмес башкадай,
Дале жүрөм ишеналбай дабдырап.

Түн караңгы... элдер жатса уйкуда,
Мен жүрөмүн гүлзар бакта сейилдеп.
Сугумду артып шылдыр таза мөлүнө,
Суу боюнда... олтурамын чөгөлөп.

Жашыл бактар катарымда жайнаса,
Жаштыгыма кол беремин жымыңдап.

Жарым кылым куз шоокумун сунса да,
Баргым келбей кетенчиктейм кылчактап.

Мелүүн желдер желпип өтсө аймалап,
Тамылжыган ай жүзүмдү саймалап.
Жетеленет сезимдерим элирип,
Жээги жашыл гүл дүйнөгө кадамдап.

Көңүлгө да, көөдөнгө да жаккандай,
Ушул дүйнө берилген бир аяндай.
Кирпигимди көздөрүмдү ушалайм,
Бул жалганда бар жогумду тастыктай.

Сыр дүйнөнүн сырын катпай көмүскө,
Бекем түйүп көз мончоктой жүрөктө.
Жаратткандын бергенине төгүлө,
Жашап жүрөм... азыр эки дүйнөдө.

Жылып, сызып кубалашып билинбей,
Ай, жылдар да баратышат чегинбей.
Сыр дүйнөнүн ачуу таттуу бал даамын,
Тамчылатып татып турам бекинбей.

Таалай оту жанганына сүйүнөм,
Тагдырыма, жаратканга бүгүлөм.
Бул жалганда бар жогумду сездирген,
Поэзия – сыр дүйнөңө жүгүнөм.

## МЕНИН ЭЛИМ

Мен көрдүм...
Таңды көрдүм...
Апакай ак булуттуу.
Шооласын тегиз чачып,
Мээримге чулгап турчу.

Мен көрдүм...
Тоону көрдүм...
Чокусу ак калпактуу.
Бабалар байыр алып,
Урпакка из калтырчу.

Мен көрдүм...
Көлдү көрдүм...
Толкуну миң бާрактуу.
Түрмөктүү сырды катып,
Түрлөнүп чалкып жатчу.

Мен көрдүм...
Өзөн көрдүм...
Жапжашыл гүл бурактуу.
Кучагын кенен жайып,
Кубанып тосуп алчу.

Мен көрдүм...
Карыяны...
Жайкалган ак сакалдуу.
Жанында шат үй-бүлө,
Татына жаш бөбөктүү.

Мен көрдүм...
Элди көрдүм...
Ырыс кут аралаган.
Мезгилдер тарамында,

Мээрими жанып турган.
Манастын ааламында,
Максатты бийик туткан.
Ошол эл менин элим,
Кыргыз деп дүйнө жүзү,
Суктанып карап турган!

## ОО ӨСКӨН ЖЕР, ЫЙЫК АЛА-ТООМ

Ак мөңгүлүү аппак Ала тоом,
Урпагыңды багып эзелтен.
Эчен кылым, эчен мезгилдер,
Ырыстуу эл жашайт энчиңден.

Арча төрлүү жылгаң Ала тоом,
Айтып бүткүс бакыт карасам.
Көздүн жоосун алган көркүңдөн,
Көөдөнүмө эргүү ыйгарам.

Эргүү алам жашыл арчаңдан,
Шуулдаган терек, талыңдан.
Байлык толгон түркүн кени бар,
Аска зоолу тооңдон, ташыңдан.

Эргүү алам көлдүн шарпынан,
Жыбыраган бермет тамчыңдан.
Өркөчтөнүп жээкке урунган,
Соң көлүмдүн толкундарынан.

Эргүү алам булак үнүнөн,
Жашыл, сары жайлоо гүлүнөн.
Элес келип кетет элирткен,
Тээ качанкы бала күнүмдөн.

Ак калпактуу бийик Ала тоом,
Ар адамга кайрат дем берген.
Касиеттүү ыйык ажайып,
Кучагыңдан чыкпай термелем.

Суктанамын жүрөм бөбөктөй,
Жашыл төрүң килем көчөттөй.
Сезилчү эле казып биз жеген,
Мандалагың алма, өрүктөй.

## БАБАЛАР БАСКАН ЖОЛДО

Унутпай бабалардын мурастарын,
Унутпай элибиздин каада салтын.
Угузуп айткым келди ырым менен,
Ургалдуу жашоо жолун кыргызымдын.

Өтсө да канча мезгил, канча кылым,
Өрнөктүү жашап келет кыргыз калкым.
Алп Манас осуятын бийик тутуп,
Даңкташат Ата журттун кадыр баркын.

Улуулар чийип кеткен узак жолдо,
Улуулар басып өткөн улуу доордо.
Ар намыс жүгүн бийик көтөрүнүп,
Адашпай урпагың да туура жолдо.

Өчүрбөй бабалардын баскан изин,
Өрүшүн кенен жайып келе бергин.
Ааламы Бакай, Манас атабыздын,
Алдыга сүрөй берсин, сүрөй берсин.



## ТААНЫШ ЖОЛДОР

Учу жок узун,узун,
бул жолдор тааныш мага.
Жакшылык,жамандыкта
жакында,алыстыкта.
Ызгаарда,аптап, жайда,
айлуу түн,күн чыкканда.
Жайкалган талааларда,
суу аккан,акпаганда,
соолуган арыктарда.
Чөп баскан кабат,кабат,
көк балыр чым саздарда.
Көйкөлүп чалкып жаткан,
көбүргөн толкундарда.
Ак чардак,апакай куу,
Кыйгуулап учушканда.
Мен жолдо бара жатам,
бул жолдор тааныш мага.
Айылдын ак таңында,
чегилген арабада.
Дыйкандар кобурашып,
талаага баратканда.
Балакай чыбык сүйрөп,
безилдеп чуркаганда.
Энеси кол булгалап,
артынан кыйкырганда.
Буралып сулуу кыздар,
булактан кайтышканда.
Жигиттер шынаарлашып,
жолунан тосушканда.
Жол чети шыбак жыты,
буркурап сагынтканда.
Мен жолдо бара жатам,
бул жолдор тааныш мага
Сан гүлдөр талааларда,

көз жоосун алышканда.
Асманда каркыралар,
канатын жайышканда.
Албырып күн шооласы,
тоолорго жашынганда.
Жымыңдап көктө жылдыз,
сыр чачып жылмайганда.
Тынчтыктын күүсүн чалып,
Айылым, Ата-журтум,
бейпил түн кучагында,
мемиреп уктаганда.
Мен жолдо бара жатам,
бул жолдор кымбат мага.
Учу жок узун,узун...
сагынтып, кубантаар да,
Айлымдын тааныш жолу,
баарынан ыйык мага.



## АТА ЖУРТУМ СОО БОЛ,ООРУБА!

Оо булуттар,аппак мамыгым,
Көпкөк асман ыйык турагым.
Сагынычты жонго артынып,
Кызың келди сыла саамайын.

Ата журтум ыйык турагым,
Толкунданып бүгүн башкамын.
Топук мүнөз тоолук бир кызың.
Ырын арнайт уккун,тыңшагын.

Келдим сага келдим сагына,
Кымбатсың сен мага дайыма.
Кечиргиле абдан күттүрдүм.
Алаксыдым жашоо турмушка.

Алыста же жакын жүрсөм да,
Аздектедим сени ырымда.
Алыкулча тартам ак бата,
Ата журтум соо бол, ооруба.

Бар бол журтум,бар бол дайыма,
Бүчүрлөрүң өссүн чачыла.
Ынтымактын ыры угулуп,
Желбиресин туусу асманда,
Арыбагын журтум арыба!!!

## ТУУЛГАН ЖЕРГЕ БАГЫНАМ

Туулган жерим мына келдим чыгынып,
Шылтоо болуп аш тойлоруң чакырык.
Дабаныңдын,шамалынан,желинен,
Келип турду сагынычтын жыты уруп.

Эң алгачкы көзүмдү ачып көргөн жер,
Эң алгачкы кадамдарым түшкөн жер.
Энеке деп адеп чыккан тилиме,
Эне тилин сүйлөш үчүн берген жер.

Бабалардын баскан изи калган жер,
Батасынан урпактары өнгөн жер.
Кереметтүү абасынан, суусунан,
Талпынышып таланттуулар чыккан жер.

Арча төрлүү туулган жерим багынам,
Ак шоокумдуу таңдарыңды сагынам.
Соң - көлүмдөй мелтиреген көлү бар,
Касиеттүү Жумгалымдан кагылам.



## ЖУМГАЛЫМ ТАЛАНТ МЕКЕНИ

Карагай, арча черлери,
Тоо ташы толо кендери.
Мөлтүрөп аккан мөлүнөн,
Кулпурат өзөн белдери.

Караса көңүл тойгузкан,
Тоолору бийик комдонуп.
Ак булут асты мелмилдеп,
Соң көлү жатат койкойуп.

Абасын жутуп жеринен,
Кырларын ашып элинен.
Күлүктөр чыккан күүлөнүп,
Жумгалым саяк элинен.

Ардактап Ата мекенин,
Алдейлеп ырдын бешигин.
Медербек акын атабыз,
Гүлдөткөн ырга айлантып,
Килемче, Шилби, Көк белин.

Көбүрөөк мурчтап чымчылап,
Мидинден куйкум куйулган.
Чыгалбай акын өзүндөй,
Элиң ай, жүрөт сагынган.

Өзгөчө агып жазылган,
Марс, планета жактардан.
Беганас тагам Сартовдой,
Келишин тилейт кыргызым,
Фантазик акын жаштардан.

Комузду чертсе шартылдап,
Термени кошсо бакылдап.
Калык ата – төкмөбүз,
Жашай берет миң жылдап.

Арзып элим кубанган,
Абазы шаңшып угулган.
Экинчи Мыскал жаралбай,
Саягың турат муңайган.

Кинонун көркү ай чырак,
Таттыбү эже гүл бурак.
Күтөбүз тилеп беш убак,
Ордунду басаар кыз бурак.

Сахнанын төрүн жаңырткан,
Оттелло болуп чамынган.
Муратбек ата керемет,
Таланты дүйнө багынткан,
Келишин эңсеп жүрөбүз,
Жаш талант чыгып артынан.

Көтөргөн үйдөй таштарын,
Балбаны болгон Жумгалдын.
Жумгалдын эмес Кожомкул,
Сыймыгы болгон кыргыздын,
Өксүп турат өскөн эл,
Өзүндөй баатыр жок бүгүн.

Табылбайт теңдеш жок чыгаар,
Таланттуу элден саяктар.
Күлкүнү арнап шаң берген,
Куйручук Жумгал тараптан.

Абасы таза жай, кышы,
Ак мөңгү кетпей тоо башы.
Ардактап баалайт өскөн жер,
Айлынан чыккан талантты.

Көркөмү көздү тайгылткан,
Көргөндү дайым тамшанткан.
Жумгалым сенден айланам,
Атактуу алптар жараткан.

## КЫЗАРТЫМ

Кызартым кымбат мекеним,
Кызартым ыйык мөдерим.
«Көк булак» төрүң көргөндө,
Көл сымал толкуп кетемин,

Кызартым бийик ашуу бел,
«Кырк кыздын» жашы тамган жер.
Кырк өрүм чачтай кубулуп,
Кыдырып суусу аккан жер.

Агарып таңы аткан жер,
Теңирим кутун чачкан жер.
Туптунук мөлтүр акактай,
Булагың кымбат өскөн жер.

Ала тоо бийик аска чер,
Ай менен теңдеш кутман жер.
«Баатай» арал - бабамдын,
Издери анда калган жер.

Айкашып турса асман жер,
Айланам сенден туулган жер.
Көбүгүн чачып көрктөнүп ,
Мелтиреп Соң-көл жаткан жер.

Ак мөөр Болот баяны,
Дастан болуп калган жер.
Толкундары термелип,
Тоодой сырды каткан жер.

Ай жылдыздай агылып,
Калкына жарык чачышып.
Нурпаис агам, Медербек,
Беганас тагам, Календей,

Таланттар чыккан ыйык жер.
Туулган жер арнайм өзүңө,
Кыярып жашым өткөнчө.
Кынаптап жазып өтөмүн,
Ыр дастан сага өзгөчө.

Дабааны бийик ашуу бел,
Далайлар көксөп келген жер.
Кучагын жайып меймандос,
Кызартта жашайт момун эл,
Кызартым менин сонун жер.

## ЖАШЫЛ ТООЛОР

Жашыл тоолор берип эргүүнү,
Жашыл шибер арча төрлөрү.
Бал татыган жыты кымыздын,
Бах, чиркин ай, жазды черимди.

Баргансыдым бала кезиме,
Байчечекей жашыл белеске.
Куурчак ойноп кужулдагансып,
Курбу кыздар түштү эсиме.

Белесиңе чыгып керилдим,
Бетегеңди жыттап сергидим.
Тоо гүлдөрүн искеп аралай,
Жаштыгымды эстеп эргидим.

Мөлтүрөгөн кашка тунуктар,
Мөңкүп аккан билек булактар.
Сыйкырлары тушап алгандай,
Тыңшап турдум кыйып кеталбай.

Жашыл белес жайнап кызгалдак,
Арча кайың көркөм туш тарап.
Өзөн суулу жашыл тоолорго,
Сагынычты чачтым бир кучак.

## ТООЛОРДО МЕНИН ЫРЛАРЫМ

Тоолорго жете албай кусаланып,
Томсоруп арча төрүн эстеп алып.
Тоодо өскөн «топук мүнөз» кара кызың,
Тоо желин эңсеп жүрөт ырга айлантып.

Балдыр тил балалыгым өткөн тоолор,
Багынтып жаштык отун берген тоолор.
Керилип кербезденген бир бозойдун,
Ташыган каттарына күбө тоолор.

Тоолорум үнсүз,сөзсүз мелтирейсиң,
Кылымдар өтсө дагы кебелбейсиң.
Келээр деп күнү түнү жолум тосуп,
Тоолорум «топук мүнөз» кызды издээрсиң.

Ал кызың азыр башка өзгөрүлгөн,
Турмуштун кайыгына түшүп кеткен.
Баягы өзүң билген бозойго эмес,
Башка эле бирөө аны илип кеткен.

А бирок,тоону сүйөт, тоо деп жашайт,
Тоолорго ырын, дилин жазат арнайт.
Тоолуктун «топук мүнөз» кара кызы,
Тоосуна жетпей азыр кусаланат.

Ар сабы ырларынын тоо жыттанат,
Аска зоо, белес,арча көлүн жазат.
Томуктай ойун,сырын жашырбастан,
Жүрөгү сүйгөн ыйык тоосуна айтат.

# ТОО ЭЛИНИН БАКТЫЛУУ БИР КЫЗЫМЫН

Улуу тоонун арасында жайгашкан,
Улар үнү сайрап турган талбастан.
Уюткулуу улуу элдин кызымын,
Уюп жаткан уңгусунан жаралган.

Арча төрлүү шибер чөбү жайкалган,
Аскасында аркар кийик жайнаган.
Тоону сүйүп тоо барктаган элимдин,
Тоодой бийик сүйүүсүнөн жаралгам.

Тоолуктардын каада салтын барктаган,
Тоолуктардын дилин,тилин сактаган.
Тоо элинин тоңуктуу бир кызымын,
Тоо суусунун тамчысынан жаралган.

Арыса да кайрат күчү талбаган,
Аруу таза мээрим нурун агызган.
Ала тоонун бактылуу бир кызымын,
Ата журтун ыры менен даңктаган.

Ата бабам тоону сүйүп жашаган,
Мен да сүйөм тоолорумду сагынам.
Көөнөрбөгөн келбетине арбалып,
Тоо деп жашап,тоо деп кайра жаралам.



## КЫМБАТ МАГА КЫРГЫЗ ЖЕРИ

Калтырдым үй бүлөнү, жакынымды,
Калтырдым ал мончоктой балдарымды.
Карайлап көр тирликтин жолун издеп,
«Жат» жерде таппай жүрөм караанымды.

Калтырдым Ата журтту, мекенимди,
Ысык көл мелтиреген Соң көлүмдү.
Бычаксыз жүрөк тушум бырчаланып,
«Жат»жерде таппай жүрөм өз өзүмдү.

Ооба «жат» аба,суусу,эли, журту,
Окшобойт жада калса асман түнү.
Канчалык кадырлайын десем деле,
Көңүлгө толбой койду «орус» түсү.

Агарып атса деле аткан таңы,
Асырап жатса деле кең базары.
Байырлап калалбадым орус жерин,
Анткени кымбат экен кыргыз жери.

Байырлап калалбадым орус жерин,
Анткени кымбат мага кыргыз жери.

***Свердловск ш. 2003-2008жж.***

## ДОСКУЛУ

Жаркылдап кашка суусу кулап өтсө,
Жээктеги тал теректер куунап өпсө.
Кубулуп мөлтүрлөрү чагылышып,
Акактай «Доскул»суусу окшойт көккө.

Түбүндө чөгүп жаткан таштары ай,
Мончоктой тизилишет акактардай.
Балалык байоо кездей шатырандап,
Кулагым келип кетет толкунуңа ай.

Доскулум көркөмүңдөн көз тайгылат,
Келтирет ырдагымды ырдагымды ай.
Ак чоку жашыл тулаң нур төгүлгөн,
Тоолоруң Фудзияма сырларындай.

Жалындуу жаштык гүлүн терген жерим,
Жагымдуу жакшы достор күткөн жерим.
Өмүрдүн ажайып кооз кымбат кезин,
Өзүңө ыйгарамын «Доскул» жерим.

Кең Жумгал өрөөнүнүн ырыс куту,
Башталган Кызарт дабан жердин нугу.
Жаадырап тосуп алып келгендерди,
Жаркылдап узатасың «Доскул» суусу.

## КЕТКИМ КЕЛДИ

Бак шактуу
Гүлдөп турган,
Айылым алыстагы.
Короздор бака шака,
Козгочу аткан таңды.
Апалар таңдан тура,
Уй айдап бара жатчу.
Көк кандек жагалдана,
Куйругун шыйпаңдатчу.
Кубалап кусалыкты ,
Айылым алтын бешик,
Азыр мен кетким келди,
Аптабы куйкалаган,
Абасы демди бууган,
Машина, жөө адамдар,
Жөөлөшүп кыжынышкан,
Аптаптуу ушул шаардан,
Чыдамым кетип чиркин,
Чын эле... кетким келди.

Балпайып тосуп алчу,
Айылым кучагынды.
Жолукса ылым санап,
Сүйлөшчү агаларды.
Бешене маңдайымдан,
Сылачу аталарды.
Айланып кагылышкан,
Асылкеч апаларды.
Учурган ушак чынды,
Желпинген жеңелерди.
Ал жайды сурап турчу,
Агайын туугандарды.
Таарынып жазылышчу,
Жароокер курбуларды,

Тагдырдын талаасынан,
Табышкан аяштарды.
Буралып гүл жайнаган,
Көк шибер тулаңынды.
Тал, терек шуулдаган,
Атыр жел аймалаган,
Абасы тамшандырган,
Булактын шылдыр үнү
Сезимди чертип турган,
Бак шактуу, буудай жыттуу,
Айылым алыстагы,
Сагыныч жүрөктү эсип,
Чыдамым кетип бүгүн,
Өзүңө жетким келди...
Аптаптуу ысык шаардан,
Чын эле... кеткім келди.

Тагдырдын талаасынан,
Табышкан аяштарды.
Буралып гүл жайнаган,
Көк шибер тулаңынды.
Тал, терек шуулдаган,
Атыр жел аймалаган,
Абасы тамшандырган,
Булактын шылдыр үнү
Сезимди чертип турган,
Бак шактуу, буудай жыттуу,
Айылым алыстагы,
Сагыныч жүрөктү эсип,
Чыдамым кетип бүгүн,
Өзүңө жетким келди...
Аптаптуу ысык шаардан,
Чын эле... кетким келди.

## ТОЛКУЧУ, ТОЛКУЙ БЕРЧИ ЫСЫК-КӨЛҮМ

Табигат берген экен
жылуулукту,
Сезимди козгоп турган
сулуулукту.
Толкучу, толкуй берчи Ысык - Көлүм,
кааладым түрмөгүңө
жыгылууну.

Сыйкырлап берметиңе
кирейинчи,
Сырларын түйүндөрүн
чечейинчи,
Толкучу, толкуй берчи Ысык- Көлүм,
жаңырган шоокумуңду
издейинчи.

Күбөсүң сүйүшкөндөр
сырларына,
Айтылуу Алыкулдун
ырларына.
Толкучу, толкуй берчи Ысык-Көлүм,
айландыр мени дагы
сырдашыңа.

Толкучу, толкуй берчи Ысык-Көлүм,
Кабыл ал мени дагы
катарыңа.

## КӨЛ ЖЭЭГИНДЕ

Сезимге эргүү толтуруп,
Тоолордо жүрөт ойлорум.
Карасам көөнүм тойгузуп,
Көл үстү ойнойт толкунуң.

Керемет сенсиң керилген,
Ак шуру акак чегилген.
Аруулап таңда ойготуп,
Аруузат тамчың сергиткен.

Күмүш күн чыгып күлүңдөп,
Учкунун төксө көркөмдөп.
Соң-көлүм сулуу өзгөчө,
Ак куулар чыкса серүүндөп.

Мелтиреп сенде сыр жатат,
Мээримдүү сүйкүм күү жаңат.
Беганас тагам сыяктуу,
Жаратсам деймин ыр санат.

Комуздун күүсү өңдөнүп,
Өрүлөт толкун түрлөнүп.
Обонун созот Ак мөөрдүн,
Шоокуму көлдүн күүлөнүп.

Касиет нуру төгүлүп,
Карааны Ак мөөр көрүнүп.
Кол булгап жаркып тургансыйт,
Таттыбү көлдөн бөлүнүп.

Жалжылдап батса Ай шаңы,
Жаркырап чыкса Күн жаңы.
Бир тамчы элес болсом деп,
Жээгинде турам мен дагы.

## КЕТКИМ КЕЛДИ

Бак шактуу
Гүлдөп турган,
Айылым алыстагы.
Короздор бака шака,
Козгочу аткан таңды.
Апалар таңдан тура,
Уй айдап бара жатчу.
Көк кандек жагалдана,
Куйругун шыйпаңдатчу.
Кубалап кусалыкты ,
Айылым алтын бешик,
Азыр мен кетким келди,
Аптабы куйкалаган,
Абасы демди бууган,
Машина, жөө адамдар,
Жөөлөшүп кыжынышкан,
Аптаптуу ушул шаардан,
Чыдамым кетип чиркин,
Чын эле... кетким келди.

Балпайып тосуп алчу,
Айылым кучагыңды.
Жолукса ылым санап,
Сүйлөшчү агаларды.
Бешене маңдайымдан,
Сылачу аталарды.
Айланып кагылышкан,
Асылкеч апаларды.
Учурган ушак чынды,
Желпинген жеңелерди.
Ал жайды сурап турчу,
Агайын туугандарды.
Таарынып жазылышчу,
Жароокер курбуларды,

Тагдырдын талаасынан,
Табышкан аяштарды.
Буралып гүл жайнаган,
Көк шибер туланыңды.
Тал, терек шуулдаган,
Атыр жел аймалаган,
Абасы тамшандырган,
Булактын шылдыр үнү
Сезимди чертип турган,
Бак шактуу, буудай жыттуу,
Айылым алыстагы,
Сагыныч жүрөктү эсип,
Чыдамым кетип бүгүн,
Өзүңө жетким келди...
Аптаптуу ысык шаардан,
Чын эле... кетким келди.

## ТОЛКУЧУ, ТОЛКУЙ БЕРЧИ ЫСЫК-КӨЛҮМ

Табигат берген экен
жылуулукту,
Сезимди козгоп турган
сулуулукту.
Толкучу, толкуй берчи Ысык - Көлүм,
каалады түрмөгүңө
жыгылууну.

Сыйкырлап берметиңе
кирейинчи,
Сырларын түйүндөрүн
чечейинчи,
Толкучу, толкуй берчи Ысык- Көлүм,
жаңырган шоокумуңду
издейинчи.

Күбөсүң сүйүшкөндөр
сырларына,
Айтылуу Алыкулдун
ырларына.
Толкучу, толкуй берчи Ысык-Көлүм,
айландыр мени дагы
сырдашыңа.

Толкучу, толкуй берчи Ысык-Көлүм,
Кабыл ал мени дагы
катарыңа.

## КӨЛ ЖЭЭГИНДЕ

Сезимге эргүү толтуруп,
Тоолордо жүрөт ойлорум.
Карасам көөнүм тойгузуп,
Көл үстү ойнойт толкунуң.

Керемет сенсиң керилген,
Ак шуру акак чегилген.
Аруулап таңда ойготуп,
Арyузат тамчың сергиткен.

Күмүш күн чыгып күлүңдөп,
Учкунун төксө көркөмдөп.
Соң-көлүм сулуу өзгөчө,
Ак куулар чыкса сейүүндөп.

Мелтиреп сенде сыр жатат,
Мээримдүү сүйкүм куу жанат.
Беганас тагам сыяктуу,
Жаратсам деймин ыр санат.

Комуздун күүсү өңдөнүп,
Өрүлөт толкун түрлөнүп.
Обонун созот Ак мөөрдүн,
Шоокуму көлдүн күүлөнүп.

Касиет нуру төгүлүп,
Карааны Ак мөөр көрүнүп.
Кол булгап жаркып тургансыйт,
Таттыбү көлдөн бөлүнүп.

Жалжылдап батса Ай шаңы,
Жаркырап чыкса Күн жаңы.
Бир тамчы элес болсом деп,
Жээгинде турам мен дагы.

## САКТА КЫРГЫЗ

Сактагыла,сактагыла,
Кыргыз деген затыңарды.
Сактагыла баркыңарды,
Каада салттуу наркыңарды.
Алсыратпай тилиңерди,
Аруу, таза, дилиңерди,
Сактагыла,сактагыла,
Ыйык таза пейлиңерди.
Сактагыла ата конуш,
Ала тоолу жериңерди,
Кең дүйнөнү кызыктырган,
Алтын күмүш кениңерди.
Касиет кут келип турган,
Эр Манастай шериңерди.
Сактагыла,сактагыла,
Акылга бай дээриңерди.
Азгырылбай жамандарга,
Намысты бек бийик тутуп,
Сактагыла терендикти,
Сактагыла бийиктикти.
Бир бириңе жөлөк болуп,
Бир бириңе өбөк болуп,
Кыйры чексиз кыргыз элим,
Сактагыла эркиндикти,
Сактагыла биримдикти.
Жүрөгүңө уялаткын,
Көөдөнүңө бек сактагын,
Ала тоолу ак калпактуу,
Кыргыз деген улуу элди.
Сактагыла, сатпагыла,
Кут даарыган ыйык жерди.

## ЭГЕМЕНДҮҮ ЭРКИН КҮН

*Обону:Улан Жумабаевдики.*

Бейпил күнүм берекесин төкчү күн,
Безелентип комуз күүсүн чертчү күн.
Жаратканым колдоп жүргөн калкымды,
Ыр дүйнөгө айландырчу ыйык күн.

Кайырма: Эгемендүү эркин,эркин,эркин күн,
Элибизге эркиндикти берген күн.

Бейпил күнүм эгемендүү эркин күн,
Ырыс,ырыс,ыйман эл жериме келген күн.
Каада салтын,Асабасын көтөртүп,
Кыргызыма эркиндикти берген күн.

Бейпил күнүм аппак пейил сепчү күн,
Ата мекен,Ата журтта улуу күн.
Ата баба мурастарын бапестеп,
Ардакташып сыймыктанчу күн бүгүн.

Бейпил күнүм улуулугуң ушул күн,
Байрагыңды көтөргөнсүң сен бүгүн.
Намысыңды бийик тутуп ураалап,
Эгемендүү эркин кыргыз болгон күн.

## МАНАС ЖАҢЫРЫГЫ

Ак калпактуу саймалуу чапан кийип,
Ак мөңгүлүү Ала тоону мекендешип.
Кыргыз эли алмузтактан келе жатат,
Улуу Манас желегин желбиретип.

Кас душманын кезинде селт эттирип,
Катылгандар катыгын келген берип.
Кыргыз эли намысты бийик туткан,
Осуятын Манастын аздектешип.

Жакшылыкты чакырып түңүлбөстөн,
Манас антын жүрөккө бекем түйгөн.
Күпүлдөшүп таң атканча баян айтып,
Аруулатып ааламды дүңгүрөткөн.

Кут ырыскы куйулуп кошо келген,
Рухтары бабалардын бекемделген.
Кыргыз элин улуу Манас урпактарын,
Дүйнө эли таңгалып таанып билген.

Бар болгула улуу элдин урпактары,
Чындык сөздөн тайбаган кыргыз калкы.
Сыймык менен жаңыртып бүт ааламды,
Күнү түнү айта бер, Манасыңды.
Бар болгула улуу Манас урпактары!

## «КӨЧМӨН ОЮНУ» – КЫРГЫЗ НАМЫСЫ

Көчүп конуп жашаган каада салтын,
Көтөрдүбү урпагың кыргыз калкым.
Көсөм элдин желбиретип көк байрагын,
Көтөрөлү жабыла козгол калкым.

Эзелтеден эл жерин коргоп келген,
Эгемендүү эркин эл кебелбеген.
Эңсеп келген «Көчмөндөр оюнуна»,
Эшик ачып кучагын жаят кенен.

Намыс оту жүрөктө жашап жүргөн,
Каны, жаны көчмөндүн дүркүрөгөн.
Канат жайып «Кырчындын» жайыгында,
Каада салтын кыргыздын көргөзүшкөн.

Боз үй тигип төрүндө ашы белен,
Кыргыз эли меймандос пейли кенен.
Комуз чертип, акындар коштоп ырдап,
Коноктошуп узатып бата берген.

Кыргыз наркын, кыргыздын үрп адатын,
Кыдырта бер дүйнөнүн туш тарабын.
Кыйла элге таанытып «Көчмөн оюнун»,
Кылымдарга өчпөсүн күйгөн шамың.

## КЫРГЫЗ КЫЗЫН СҮЙГҮЛӨ

Кадырына жеткилечи жигиттер,
Кандай сулуу биздин кыздар,селкилер.
Кыйгач тиктеп кымырылган уяңдык,
Кыздарында кыргызымдын билсеңер.

Сезимдерин сыйлагыла жигиттер,
Селкисине башка элдин кызыкпай.
Карегинен бажырайып нур тамган,
Кандай назик биздин кыздар, селкилер.

Айчүрөктүн сиңдилери нур жүздүү,
Айдай нурлуу мээрим гүлү сүйкүмдүү.
Арзып сүйүп сыйлагыла жигиттер,
Акыл кошкон жарың болот үлгүлүү.

Кыргыз кызы уяң мүнөз бир сырлуу,
Кылыгына күн жылмаят көктөгү.
Кыргызымдын жигиттери сүйгүлө,
Кыргыз кызы Курманжандай жүрөктүү.

Кыйын кезде жол көргөзүп баштаган,
Кыргыз кызы Розадай акылман.
Баалагыла, барктагыла жигиттер,
Манас чыгат, Чыңгыз чыгат буйурса,
Алар төрөп, өстүрүшкөн балдардан.

## БАЛАЛЫГЫМ КӨКТӨМҮМ

Түштү эсиме түрлөнүп,
Көпөлөк кууп тызылдап,
Жүгүрүп жүрчү күндөрүм.
Кайрылып келбес ал учур,
Балалыгым...көктөмүм.

Түштү эсиме түрлөнүп,
Булак жээги шибер чөп,
Бурала басып жүргөнүм.
Тамшандырат аттиң ай,
Жапжашыл кооз... көктөмүм.

Түшту эсиме сүйдүрүп,
Соң көлдүн шарпы...
Күүгүм кеч...
Күбө болуп жылдыздар,
Узатып калчу...
Ошол кез...

Эх, Соң - көлүм, Соң - көлүм,
Ээси сенсиң өмүрдүн,
Балалыктын башаты...
Жаштыгымдын жалыны...
Балалагым...көктөмүм.

## ***«СЕЗИМИМДИН КАЙРЫГЫ, ЖҮРӨГҮМДҮН АЧКЫЧЫ»***

### БУЛАГЫСЫҢ ЫРЫМДЫН

Күнбү...түнбү күтүптүрмүн жолугуу,
Сезимимде жашап үмүт, буулугуу.
Сүйсө адам чыдайт тура баарына,
Кыйып койбой күтүү менен өмүрдү.

Арзуу толгон ак сүйүүмдү кусалуу,
Агыздың го ырга айлантып армандуу.
Ээ жаа бербей көөдөнүмдү толтурдуң,
Ээленишкен тоо суусундай кубаттуу.

Тагдырлардан жолукпаган таалайым,
Табылдың сен ыры болуп акындын.
Буйурбаган бешенеме таарынбайм,
Анкени сен булагысың ырымдын.

Таалайым деп ырга жазам чынымды,
Табериктей тунук, таза сырымды.
Жаратканга жана сага ийилип,
Тартуулаймын ыр аркылуу сыйымды.

## ТАБЫШМАК СЕЗИМ

Катаал турмуш соккусуна кабылган,
Канча жан бар махабатта зарланган.
Кечир баарын тагдыр экен кантейин,
Кечиришпей кезигиштик кайрадан.

Күнөөлүүнү издебейли алыстан,
Күнөөсүздөй болуп аппак булуттан.
Өзгөлөргө тартуулабай өксүктү,
Чыгалычы көөдөн жеген санаадан.

Менде жашайт бир сезимиң багынбас,
Ал бир сезим алигиче табышмак.
Башым жөлөп көөдөнүңө ыктаган,
Бал ширин кез азыр артка кайрылбас.

Ал учурда ынак элек бактылуу,
Ал учурда ысык элек биз оттуу.
Андан бери убакыттар өйдөлөп,
Арбалганбыз биз турмушка туруктуу.

Бирок мага өтө кымбат ал күндөр,
Бириндебей бүтүн жашайт көөдөндө.
Эски түштөй эстен чыгып турсаң да,
Эч кыйышпас адамымсың жүрөктө.

# «СЕЗИМИМДИН КАЙРЫГЫ, ЖҮРӨГҮМДҮН АЧКЫЧЫ»

## БУЛАГЫСЫҢ ЫРЫМДЫН

Күнбү...түнбү күтүптүрмүн жолугуу,
Сезимимде жашап үмүт, буулугуу.
Сүйсө адам чыдайт тура баарына,
Кыйып койбой күтүү менен өмүрдү.

Арзуу толгон ак сүйүүмдү кусалуу,
Агыздың го ырга айлантып армандуу.
Ээ жаа бербей көөдөнүмдү толтурдуң,
Ээленишкен тоо суусундай кубаттуу.

Тагдырлардан жолукпаган таалайым,
Табылдың сен ыры болуп акындын.
Буйурбаган бешенеме таарынбайм,
Анкени сен булагысың ырымдын.

Таалайым деп ырга жазам чынымды,
Табериктей тунук, таза сырымды.
Жаратканга жана сага ийилип,
Тартуулаймын ыр аркылуу сыйымды.

## ТАБЫШМАК СЕЗИМ

Катаал турмуш соккусуна кабылган,
Канча жан бар махабатта зарланган.
Кечир баарын тагдыр экен кантейин,
Кечиришпей кезигиштик кайрадан.

Күнөөлүүнү издебейли алыстан,
Күнөөсүздөй болуп аппак булуттан.
Өзгөлөргө тартуулабай өксүктү,
Чыгалычы көөдөн жеген санаадан.

Менде жашайт бир сезимиң багынбас,
Ал бир сезим алигиче табышмак.
Башым жөлөп көөдөнүңө ыктаган,
Бал шириң кез азыр артка кайрылбас.

Ал учурда ынак элек бактылуу,
Ал учурда ысык элек биз оттуу.
Андан бери убакыттар өйдөлөп,
Арбалганбыз биз турмушка туруктуу.

Бирок мага өтө кымбат ал күндөр,
Бириндебей бүтүн жашайт көөдөндө.
Эски түштөй эстен чыгып турсаң да,
Эч кыйышпас адамымсың жүрөктө.

## «ОТУЗ ЖАШ» АЙ СЕЗБЕПСИҢ...

Олтурамын ойлор менен алышып,
«Отуз жашым» келсечи деп кайрылып.
Ойдон,тоодон кулап аккан булактай,
Оттуу ырлар түрмөгүнө жарашып.

Обологон балким ырлар жазылмак,
Окурмандын ойун,дилин багынтмак.
«Отуз жаш» ай сезбепсиң да каткырып,
Ой туйумда жаткан сырды табышмак.

Ойрондопсуң убакыттын кайрымын,
«Отуз жаштын» оттой ысык агымын.
Ойго келип, кетип жүргөн саптарга,
От койбостон өчүрүпсүң жалынын.

Оо мезгилдер, силер дагы копулуп,
Оргуштатпай атырылтпай басынтып.
«Отуз жашты» койупсуңар тизгиндеп,
Оомат оту... келген кезде ашыгып.

Ошондогу...аңгемелер, ак ырлар,
Ордун таппай кеткен экен аттиң ай.
Очор, бачар үй бүлөөнүн түйшүгү,
Отуз жашты кишендептир бастырбай.

«Отуз жашка» далай жашты багынтып,
Оо ырларым, күтүп жүргөн сагынтып.
Ойлорумдун ошондогу берметин,
Ой кырына эл жеримдин чачкынын.

Отко айланаар азыр деле ырларым,
От ичинде жалындаармын, жанаармын.
«Отуз жаштын» оромолун оронгон,
Ошондогу...сүйүүм азыр ырларым.

## СЕН МЕН ҮЧҮН

Сенде сыйкыр мени өзүнө чакырган,
Сенде сыр бар көздөрүңдө жашырган.
Карай берем карааныңды узатып,
Кайрылчуудай кайра артка капыстан.

Сенде нур бар ай жүзүмдү сылаган,
Сенде от бар алоолонтуп тамызган.
Кайрылбасаң кантмек элем чыдайм да,
Карап, карап карааныңды алыстан.

Жакын келсең жан дүйнөмдү эргиткен,
Сенде эргүү жандандырып серпилткен.
Сен мен үчүн теңдеши жок бир жансың,
Эркимди бүт ээлеп алып ээрчиткен.

Мен өзүңдү эпсиз бийик баалаймын,
Төр жайлоосун көңүлүңдүн каалаймын.
Жолукканда сыйкыр чачып турса деп,
Жылуу сүйкүм сөздөрүңдү самаймын.

## СИЗ ҮЧҮН

Сезимимди сездирбестен бекинем,
Сездирүүгө акым жогун билем мен.
Сыздап турган көңүл отун сооротуп,
Санаалардын кемесинде кетилем.

Сиз билбейсиз жүрөк сиз деп кагаарын,
Сиз билбейсиз оттой күйүп жанаарын.
Жолукканда тиктешүүдөн айбыгып,
Тил учунан салам берип калаарын.

Башкаларга жылмаясыз күлөсүз,
Тамашалап дайым шайыр жүрөсүз.
А мен турам ичим толо бук болуп,
Кантем, кантем, кантемдерде үмүтсүз.

Кээ бир күнү жакынбыз да алыспыз,
Кээ бир күнү чай ичебиз айыпсыз.
Ошондо да ортодогу «кантемдер»
Тоскоолдуктун чегин койот кунарсыз.

Сиз деп жашап, сиз деп жазып күнү түн,
Сезимимдин тартып келем күйүтүн.
Суналбаган, айталбаган сырымды,
Ырга кошуп гүлгө айланттым сиз үчүн.

## КЕЛЧИ, КЕЛЧИ

Келчи төгүп мээримиңди жаныма,
Тоңгон жүрөк эрий түшсүн албыра.
Жылмайууңдун илебинде термелип,
Сезейинчи мен өзүмдү шаңдуурак.

Келчи, келчи күн нуруңдай чачыла,
Кан жүгүрсүн токтоп калган тамырга.
Каректеги тиктешүүдөн от жанып,
Калайынчы бир азыраак жандуурак.

Сезимимди алгансыңбы башкарып,
Калганмынбы жипсиз сага байланып.
Дарегиңди жибербесең күтүүдөн,
Калбайын мен акылымдан адашып.

Келчи, келчи кечикпечи күттүрүп,
Мезгилдерди алмаштырбай өксүтүп.
Күтүүшүнүн күндөй ысык илебин,
Албайлыгы салкындатып өчүрүп.
Келчи, келчи кечикпечи күттүрүп.

## СИЗ ҮЧҮН

Сезимимди сездирбестен бекинем,
Сездирүүгө акым жогун билем мен.
Сыздап турган көңүл отун соороТуп,
Санаалардын кемесинде кетилем.

Сиз билбейсиз жүрөк сиз деп кагаарын,
Сиз билбейсиз оттой күйүп жанаарын.
Жолукканда тиктешүүдөн айбыгып,
Тил учунан салам берип калаарын.

Башкаларга жылмаясыз күлөсүз,
Тамашалап дайым шайыр жүрөсүз.
А мен турам ичим толо бук болуп,
Кантем, кантем, кантемдерде үмүтсүз.

Кээ бир күнү жакынбыз да алыспыз,
Кээ бир күнү чай ичебиз айыпсыз.
Ошондо да ортодогу «кантемдер»
Тоскоолдуктун чегин койот кунарсыз.

Сиз деп жашап, сиз деп жазып күнү түн,
Сезимимдин тартып келем күйүтүн.
Суналбаган, айталбаган сырымды,
Ырга кошуп гүлгө айланттым сиз үчүн.

## КЕЛЧИ, КЕЛЧИ

Келчи төгүп мээримиңди жаныма,
Тоңгон жүрөк эрий түшсүн албыра.
Жылмайууңдун илебинде термелип,
Сезейинчи мен өзүмдү шаңдуурак.

Келчи, келчи күн нурундай чачыла,
Кан жүгүрсүн токтоп калган тамырга.
Каректеги тиктешүүдөн от жанып,
Калайынчы бир азыраак жандуурак.

Сезимимди алгансыңбы башкарып,
Калганмынбы жипсиз сага байланып.
Дарегиңди жибербесең күтүүдөн,
Калбайын мен акылымдан адашып.

Келчи, келчи кечикпечи күттүрүп,
Мезгилдерди алмаштырбай өксүтүп.
Күтүүшүнүн күндөй ысык илебин,
Албайлычы салкындатып өчүрүп.
Келчи, келчи кечикпечи күттүрүп.

## СҮЙҮҮ ТҮРҮ

Жаштыгың махабаттуу болору чын,
Жалындап баары жандап сүйөөрү чын.
Жаш өтсө сүйүү кайтат деп айтканга,
Жактырып мен аларга кошулбаймын.

А чыны жаштыгында жүрөк кенен,
Сезилбей келе берет көңүл менен.
Сезимдер бара,бара тартылгансып,
Сүйүү да иргелгенсип калат экен.

Ал сүйүү келет экен, кетет экен,
Оорутуп көңүлдөрдү кейитишкен.
Алмашып кейип турган жан дүйнөндү,
Толуктап турат экен башка менен.

Сүйүүнү барктап багып сүйө билсең,
Ал ыйык, касиеттүү сезим экен.
Жашсыңбы, карысыңбы ылгабастан,
Келгенде аппак сүйүү балдай экен.

А бирок сүйүү жолу дацгыр кенен,
Мыйзам жок жүрөгүңө чек киргизген.
Жөн гана сүйүү түрү болот тура,
Жаштыктан улгайууга өтө берген.

## БЕЛЕГИМ БАР

Мен сенден алыс калгам,таппай калгам,
Мен сен деп күйүп жанып,оттой жанам.
Каймана өтүп жаткан,
Караңгы өчүп калган,
Күндөр бар...түндөр туман...

Өзүңө арнап жазган ырларым бар, сырларым ал,
Өмүргө өчпөс нурлуу белегим бар, элесиң ал.
Кадырлап катып жүргөн,
Бапестеп багып сүйгөн,
Бакытым бар ...таалайым ал...

Жүрөктө жашап калган, өмүрлөш болуп алган,
Жашоону кумарланткан, өчпөгөн сезимим бар.
Тамырлап бутак жайган,
Таасындап айтып турган,
Кымбатым бар... кыйбасым ал...

Жанымда элес болуп, назданган ардагым бар.
Армандуу алыс калган, жан дүйнө азыгым ал.
Тумары жүрөгүмдүн,
Кумары көңүлүмдүн,
Сапырган кусалыкты...сагынткан белегим ал.

## КЕЛЭЭРИҢДИ БИЛГЕМ, СЕЗГЕМ...

Көңүл чөгүп чөлдөгү айсыз түндөй,
Кунары жок мезгилдин куүгүмүндөй.
Мээрими аз өмүрдүн отсуз жээги,
Эске салды ысмыңды бөлүнбөстөй.

Сезимдерим өчпөгөн жүзү менен,
Дубаланып жүрөккө бекинишкен.
Жоругуңду жомоктой эстетишип,
Таарынычтар илебин эритишкен.

Жарыгыңды жибердиң кайдан билбейм,
Жан дүйнөмдү бошотпой ээледиң сен.
Үмүтүмдүн учкунун кайра сунуп,
Жолумду бууп оролдуң билинбестен.

Оо асылым, жоомартым жүрөк сүйгөн,
Көңүлүмдө көргөзбөй сактап жүргөн.
Күткөм сени дайыма күтүп жүргөм,
Акыры сен келээриң билгем, сезгем.

## ЖОКТОБО

Жомоктой сырлуу дүйнөдөн,
Жоктобо мени дил менен.
Тагдырлар калган адашып,
Татына жакшы күндөрдөн,

Күүгүмгө толгон гүл өрөөн,
Гүлдөбөй турат билсең сен.
Жаркылдап турчу асманым,
Түнөрүп калган кейиштен.

Жылуу кеч эске түшүргөн,
Жалбырак сары кубулгөн.
Элесиң сенин көңүлдө.
Эрээркеп сага жөлөнгөн.

Үмүттөр жапыл үзүлбөй,
Жаңы эле баткан күүгүмдөй.
Мүшкүлдүү тагдыр сыноосун,
Унут дейт жүрөк мөгдөбөй.

Тагдырдын ошол мүшкүлүн,
Чыгалбай чөккөн күлкүсүн.
Толуктап аны толкундай,
Толтуруп кетчи сүйүктүүм.

Тагдырдын чаппай камчысын,
Таалайдын ачып бактысын.
Дартыма дары себелеп,
Дарылап кетчи сен бүгүн.

Убакыт деген учкан куш,
Узартат мезгил ай күнүн.
Узарып жолдор кетпесин,
Угузчу үнүң сен бүгүн.

Жүргөнчө күтүп кездешүү,
Жүрүшүп өмүр өтпөсүн.
Жомоктоп мени жоктобой,
Жолумду тосчу сен бүгүн.

## ӨЗҮҢ МЕНЕН БҮТҮНМҮН

Тагдыр жолу даңгыр эле бир болгон,
Таалайыбыз жазгы гүлдөй бүр болгон.
Тилегибиз, ойлорубуз, кыялдар.
Түгөнбөгөн жомок сымал көп болгон.

Ынтымактын күүсүн чертип күүлөнүп,
Ырыскыбыз батпай турчу төгүлүп.
Ичи жаман ирээти жок сөз айтса,
Жаратканга табыштадык бүгүлүп.

Жайдар мүнөз асылкечим сүйгөнүм,
Ыйык эле сен деп жүрчү күндөрүм.
Сага деген аруу таза сезимди,
Сактап дале тумар тутуп жүрөмүн.

Үзүлбөгөн үмүтүмдүн гүлдөрүн,
Ыр букетке айландырып гүлдөттүм.
Тереңинде тээ жүрөктүн түбүндө,
Жалгыз эмес өзүң менен бүтүнмүн.

## БАКТЫЛУУМУН МЕН БҮГҮН

Жаз дүркүрөп гүлдөгөн,
Кайың талдар бүрдөгөн.
Күтүп жүрүп адашпай,
Таптым сүйүү өчпөгөн.

Жаз көктөмү күн жарык,
Көңүлүм шат жүз жарык.
Сезимимди аруулап,
Жүрөгүмдө миң кайрык.

Толукшуган дүйнөнүн,
Тыңшап түркүн үндөрүн.
Жаз желине ыргалып,
Бактылуумун мен бүгүн.

## ЖАН ДҮЙНӨ ЖАЛГЫЗ ЗАРЫГАТ

Көңүлдөн өчпөй көкөйгө тийген бир жашоо,
Көөдөндө ыза, буулугуу, өксүк кем тандоо.
Кемүскө жандар тагдырдын чийип буйругун,
Көргөзбөй салган жаштыкка чынжыр темир боо.

Буулуккан көңүл ээлеткен эркин тагдырга,
Буйруктан качпай кептелип кемтик жазмышка.
Кур намыс менен каада салт тушап кол бутту,
Билинбей өмүр билгизбей жашайт кайгыда.

Жашоонун чоочун дүйнөсү ээлеп жыл, айды,
Жан дүйнө, сезим унутта калып жабыкты.
Тамырлап тагдыр, убакыт болуп утушта,
Таалайдын толук бөксөрө берди чынысы.

Жүрөгүм ууга чыланып сезбей барымды,
Жүр десе жүрүп, бас десе ийдим башымды.
Баасы жок болду күнүм да, түнүм... а бирок,
Ал мончок сүйкүм балдардын болдум апасы.

Жашаймын дале, а бирок дүйнөм алыста,
Жабыркайм дале, жан дүйнө жалгыз зарыга.
Чачырап кетпей болсунчу чогуу деп жүрүп,
Чарчанып алсыз басалбай жүрөм чынында.

## БЕЛЕК БОЛУП СУНУЛДУҢ

Эл сыяктуу чуркап тызылдап,
Сүйөмүн деп айтпай чырылдап.
Ээлеп алды жөн жай мүнөзүң,
Эркимди бүт байлап, дубалап.

Дайыныңды турдум иликтеп,
Кай тараптан, кайдан экен деп.
Жай баракат жүргөн дүйнөмө,
Бүлүк салган суроо мекендеп.

Ал ансайын мээрим чачасың,
Жылуу сөзду көп, көп айтасың.
Көрбөй калсам кээ бир күндөрү,
Кең дүйнөдө жалгыз калгансыйм.

Ачылбаган жабык мүнөздө,
Ачык жоопту укпай көмүскө.
Далай жигит жүрчү жүгүрүп,
Белектерин сунуп күнүгө.

Тагдыр, жазмыш, буйрук ушубу,
Таалайыма келип түшуктуң.
Белек издеп тартпай убара,
Белек болуп мага сунулдуң.

## ЖАШАГЫН, ЖАША

Куттүрбөйм сени, күтпөгүн жазда, жайда да,
Келбеймин келбе, күзүндө жана кышта да.
Кыймылсыз, жансыз таш болуп чөгүп калганмын,
Кыйналып мени, кыдырып издеп камыкпа.

Улаба үмүт... угузба мага кабарың,
Умтулуп карап жолума менин барбагын.
Угузбай жүрөк добушун чалган муз,ызгаар,
Убайым тартып ушакка кулак салбагын.

Жашагын, жаша жолуңду түздө ардагым,
Жалооруп жүрүп оорууулу болуп калбагын.
Жапакеч жанмын чыдаймын баарын көтөрөм,
Жалыны өчкөн жашоонун тоодой салмагын.

## ЖАШОО КЫМБАТ

Кимде күнөө...кимден кетти,
Же...башканы сүйдүбү...
Ооба...балким куштарланып,
Башкадабы...көңүлү...

Соолубастыр...өмүр гүлү,
Сезим оту...зарланаар...
Күйүп турган кош шам чырак,
Өчөөр...балким тутанаар.

Туман каптаар...кайра тараар,
Алыс кетеер...ал учаар...
Бактылуу бир башка бирөө,
Тосоор..ага... жолугаар.

Оо махабат мейли кетсең,
Жазмыш ушул кантмекмин.
Мен тирликтен кеталбасмын,
Өмүр таттуу... бал сыңаар.
Ооба өмүр...ооба жашоо...
Кымбатсыңар ушундай.

## КАЙДАН ТАБАМ

Кайдамын, кайда жүрөм, кантип жашайм,
Өзүңдөй кең пейилди издейм,таппайм.
Сезимди чертип турчу, жылдыздай жанып турчу,
Мээримди, жылуулукту эми мен кимге арнайм.

Тумандуу нөшөр жаанда адашкан ак булуттай,
Куйүгүп өткөнүмө жеталбай, жетпей барам.
Өзүңсүз мааниси жок, өмүрдүн кызыгы жок,
Жагымсыз жалыны өчкөн жашоого тажап карайм.

Жароокер жакын көргөн жапакеч жакшы адам,
Жалындап жагылалбай жан дүйнөм сыздап,сыздай.
Жоготкон жаштыгымды, жоголгон шаттыгымды,
Жалооруп кайрый албай бозоруп өчүп барам.

## КҮЗГҮ НӨШӨР

Күзгү нөшөр арасынан суурулуп,
Чагылгандай жарк, журк этип кубулуп.
Капысынан жолуккансың жакшы адам,
Жүргөн кезде кусаланып буулугуп.

Түмөн ойдо алоолонуп от болуп,
Жан дүйнөмө булук түшүп козголуп.
Көөдөндөгү көп санааны таратып,
Көздөрүңө тиктеп турдум толгонуп.

Жүрөгүмө нур жиберип балбылдай,
Балдай сөзгө багындырып дайрадай.
Жалынына ороп алып жакшы адам,
Жайнагансың асмандагы жылдыздай.

Жалгыздыктан арачалап чарчабай,
Оор жеңилди колдон алып талыбай.
Оо жакшы адам, капысынан жолуккан,
Ырыс кутум өзүңсүң дейм кайталай.

Күзгү нөшөр, сени дагы сүйдүм мен,
Ак сүйүүмдү таап алып өзүңдөн.
Арачалап жалгыздыктан арылткан,
Сага жана жакшы адамга жүгүнөм.

## КЕЛ СҮЙҮҮ

Кел сүйүү, тосчу бизди,
Керемет көл жээгинен.
Толкунуң өркөчтөнгөн,
Толуктап кетсин бизди.

Кел сүйүү, тосчу бизди,
Айдың көл этегинен.
Тамчылар жыбыр,жыбыр,
Тазартып кетсин бизди.

Кел сүйүү, тосчу бизди,
Жылдыздуу айлуу кечте.
Жымыңдап өөп кетсин,
Жыргалга ороп бизди.

Кел сүйүү, тосчу бизди,
Агарып аткан таңда.
Периште, кыдыр даарып,
Бөлөсүн нурларына.
Кел сүйүү, тосчу бизди.

## СЕЗИМ КАЙРЫК

Бүгүн да кыялымда сени күтө,
Ойгондум өчпөс үмүт дөңсөөсүндө.
Эселки сезим кайрык,сүрөт элес,
Көңүлдү тынчтандырат өксүтпөөгө.

Жай өтүп,күз жалбырак каптайт эрте,
Саналуу көңүлсүздүк ичиркентсе.
Саргайган сүрөт элес,сезим кайрык,
Буулугуп бук болоорун билдим беле.

Үлбүрөйт үзүлбөгөн үмүттөрүм,
Күйүгөт жүрөгүмдө күйүттөрүм,
Канча жаз,канча жайга кыял күүсүн,
Калтырып келатасың өмүр көчүм.

## АЛЫП КАЛЧЫ

Апыктык жүрөгүмдү эссе жанчып,
Алсырап бараткансыйм санаа басып.
Айланып кетпейин мен ак булутка,
Ардагым алып калчы мээрим чачып.

Кусалык жан дүйнөмдү курчап алып,
Кубарып бараткансыйм өңдөн азып.
Кубулуп кетпейин мен жылдыздарга,
Кубатым алып калчы жардамдашып.

Арман ыр айланамда жаңыргансып,
Азапка бараткансыйм шашылгансып.
Алтыным алып калчы арачалап,
Апыктык ашуусунан күтүп алып.

**«ДАЛИЗАР»**

*(Түш аяным)*

Түн жамынып үмүт отун жандыраар,
Балким досум сен чыгаарсың «Дализар».
Аян менен баян айтып түшүмдө,
Көөдөнүмдө жаңырасың кылып зар.

Сыр болдуң сен айтылбаган,катылган,
Сыбызгыган ооз комуздай кагылган.
Күнү бою күңгүрөнүп терметип,
Жүрөгүмдөн эсип чыкпай жаңырган.

Көңүл козгоп сезим чертип иргеймин,
Чарчаганды билбей сени издеймин.
Ким бирөөдөн сурамжылап жооп сурап,
Сыр түйүнүн чечсемби деп дегдеймин.

Жардам сурап калемиме кайрылам,
Үңгузунан сөздөрүмдүн баарынан.
Учкунуна жолугаар күн келээр деп,
Үмүт артып «Дализар» деп жабыгам.

## АРДАГЫҢЫЗ БОЛУП КАЛАЛСАМ

Атаганат күндө жанашсам,
Ай жылдыздай сизге жарашсам.
Ак дилимди чындап багыштап ,
Ардагыңыз болуп калалсам.

Карегимди албай кадалсам,
Кайраттанып сизге сөз айтсам.
Сезимимди айтып жашырбай,
Кымбатыңыз болуп калалсам.

Көркүңүздү көрүп кубансам,
Сөзүңүздү сүйүп тыңшасам.
Көөдөндөгү жүргөн сырымды,
Өзүңүзгө төгүп айталсам.

Жалбарынып бугум чыгарсам,
Жан сырымды сизге арнасам.
Эркиңизге кошуп эркимди,
Эрмегиңиз болуп калалсам.

Атаганат... күндө ээрчишкен,
Ардагыңыз болуп калалсам.

## КҮТҮП ЖҮРӨМ

Алаксыткан тирлигине карабай,
Азаптанам өзүңдү ойлоп санааркай.
Айлуу түндө, айсыз түндө түйшөлүп,
Сенин гана элесиңе арбалмай.

Сага деген сезим оту тарабай,
Сансыз күндөр өтүп жатат байкалбай.
Сагынычтын күүсүн чалып күнүгө,
Сен деп гана жашап жүрөм тажабай.

Күтүүлөрдүн күүгүмүнөн чыгалбай,
Күндүн батып, кайра атканын санабай.
Керемет күн келээрине ишенип,
Күтүп жүрөм келчү күндү майрамдай.

## ЖАШАП КАЛДЫК

Сансыз ойлор аралады көөдөндү,
Жолукканда күлгөнсүдүк көңүлдүү.
Бирок сездим көздөрүңдөн башканы,
Сүйбөсүңдү мени сүйгөн шекилдүү.

Сагынычтын оромолун оронуп,
Санаалардын короосунда толгонуп.
Бузбаш үчүн «башкалардын» бактысын,
Күн сыяктуу жашап калдык нур болуп.

Аралыктар дайра кечип кеткендей,
Аралашып жүрсөк деле желдердей.
Кезикkенде каректерди кадашып,
Жашап калдык көлдүн эки жээгиндей.

## ГҮЛ БОЛУП ЧЫГАЙЫНЧЫ

Күз келгенде жүрчүмүн санаалуудай,
Күз келгенде болчумун капалуудай.
А бүгүнчү... а бүгүн кубангандан,
Учкум келди көктөгү жылдыздардай.

Түндө кирип түшүмө жаркылдап сен,
Кубат бердиң жашоомо мурункудай.
Кумарлантып кайрадан кумарлантып,
Кусалыкты тараттың жел, шамалдай.

Түнү дайым түшүмдө жүрсөң экен,
А күндүсү оюмдан кетпесең дейм.
Аруу таза сезимдер аруу таза,
Ыр аркылуу өзүңө жетсе экен.

Бул жашоого кайрадан жаңыланып,
Бир өзүңдөн кайрат күч кубат алып.
Сыноосунан тагдырдын сыноосунан,
Чыгайынчы гүл болуп бажырайып.

## СУРАНБА

Бирде күлүп, бирде бозоруп,
Кучагыңа алдың томсоруп.
Келген күндүн кетпес тактарын,
Кечирчи деп турдуң толгонуп.

Кечиримдүү болуу жакшы го,
Кечиришүү...бирок кыйын го.
Жүрөк жумшак макул десе да,
А сезимдер муздак таштай го.

Таарынычтар кеткен тамырлап,
Тарабастан кайра байырлап.
Кеткен күндүн келбес элесин,
Көңүл гана турат жаңылап.

Кайрылбастыр өксүк элестер,
Кайрыш кыйын кайтпайт үмүттөр.
Канчалаган кылым өткөндөй,
Катып калган жүрөк көөдөндөр.

Көмүскөдө күндө көрүнбөй,
Көөдөн тешкен санаа бүткөндөй.
Көмүп салгам күрөк калаксыз,
Карааныңды жалгыз мүрзөдөй.

Кечирчи деп эми суранба,
Кеткен өмүр өткөн зарыга.
Азыр жолдор бөлөк кайчылаш,
Азаптанбай жаша камыкпа.
Кечирчи деп эми суранба.

## СУРАНБА

Бирде күлүп, бирде бозоруп,
Кучагыңа алдың томсоруп.
Келген күндүн кетпес тактарын,
Кечирчи деп турдуң толгонуп.

Кечиримдүү болуу жакшы го,
Кечиришүү...бирок кыйын го.
Жүрөк жумшак макул десе да,
А сезимдер муздак таштай го.

Таарынычтар кеткен тамырлап,
Тарабастан кайра байырлап.
Кеткен күндүн келбес элесин,
Көңүл гана турат жаңылап.

Кайрылбастыр өксүк элестер,
Кайрыш кыйын кайтпайт үмүттөр.
Канчалаган кылым өткөндөй,
Катып калган жүрөк көөдөндөр.

Көмүскөдө күндө көрүнбөй,
Көөдөн тешкен санаа бүткөндөй.
Көмүп салгам күрөк калаксыз,
Карааныңды жалгыз мүрзөдөй.

Кечирчи деп эми суранба,
Кеткен өмүр өткөн зарыга.
Азыр жолдор бөлөк кайчылаш,
Азаптанбай жаша камыкпа.
Кечирчи деп эми суранба.

## СЕН КЕТКЕНДЕ

Сен кеткенде...
Кеч күз эле,
Теребел бүт саргайган.
Тал теректер коштошконсуп,
Жалбырактар ыргалган.

Сен кеткенде...
Туман каптап,
Күн булутка жашынган.
Чагылгандар жарк журк этип,
Жамгыр жаштай куйулган.

Сен кеткенде...
Ай түнөрүп,
Асман жылдыз ыйлаган.
Үмүт оту кошо өчүп,
Санааларга малынгам.

Сен кеткенде...
Жүрөк токтоп,
Көкүрөгүм зарланган.
Өмүрүмдүн калган көчү,
Арман ырга айланган.

Сен кеткенде...
Жашап калгам,
Булут болуп каалгыган.
Кыялымда элесинди,
Ырга айлантып муңканган.

## СҮЙҮҮНҮН БИЙИКТИГИ

Алдыма келгенинде башыңды ийип,
Жылдыздай жаркырапмын жанып күйүп.
Бирок да сыр билгизбей бир өзүңө,
Кечирбейм, кетчи дедим ичиркенип.

Мөгдүрөп кетпей турдуң тизе бүгүп,
Чолпондой жанып турдум ичим жылып.
Бирок да сездирбестен ал сезимди,
Кечиктиң, кетчи дедим мистейгенсип.

Кечирчи, дедиң болбой жалбарынып,
Колумду койо бербей улам кысып.
Кымбатым аячы деп кучак жайсаң,
Кыйбастан кучагыңа жыгылыпмын.

Жыгылдым кучагында сезип турдум,
Сагыныч,таарыныччтын илептерин.
Көңүлдү жаз көктөмдөй көкөлеткөн,
Сүйүүнүн ыйыктыгын, бийиктигин.

## СЕН КЕТКЕНДЕ

Сен кеткенде...
Кеч күз эле,
Теребел бүт саргайган.
Тал теректер коштошконсуп,
Жалбырактар ыргалган.

Сен кеткенде...
Туман каптап,
Күн булутка жашынган.
Чагылгандар жарк журк этип,
Жамгыр жаштай куйулган.

Сен кеткенде...
Ай түнөрүп,
Асман жылдыз ыйлаган.
Үмүт оту кошо өчүп,
Санааларга малынгам.

Сен кеткенде...
Жүрөк токтоп,
Көкүрөгүм зарланган.
Өмүрүмдүн калган көчү,
Арман ырга айланган.

Сен кеткенде...
Жашап калгам,
Булут болуп каалгыган.
Кыялымда элесиңди,
Ырга айлантып муңканган.

## СҮЙҮҮНҮН БИЙИКТИГИ

Алдыма келгенинде башыңды ийип,
Жылдыздай жаркырапмын жанып күйүп.
Бирок да сыр билгизбей бир өзүңө,
Кечирбейм, кетчи дедим ичиркенип.

Мөгдүрөп кетпей турдуң тизе бүгүп,
Чолпондой жанып турдум ичим жылып.
Бирок да сездирбестен ал сезимди,
Кечиктиң, кетчи дедим мистейгенсип.

Кечирчи, дедиң болбой жалбарынып,
Колумду койо бербей улам кысып.
Кымбатым аячы деп кучак жайсаң,
Кыйбастан кучагыңа жыгылыпмын.

Жыгылдым кучагыңда сезип турдум,
Сагыныч,таарынычтын илептерин.
Көңүлдү жаз көктөмдөй көкөлөткөн,
Сүйүүнүн ыйыктыгын, бийиктигин.

## ТАГДЫР ШАМЫН ЖАГААРМЫН

Бактыны бизде көралбас душман,
Балталап чапты бүтүрдү арман.
Аргасыз боздоп арабөк жолдо,
Бал сүйүү калды чыгалбай саздан.

Арылгыз арман күн түштү анда,
Азаптуу айсыз түн түштү башка.
Түгөнүп сабыр акылдан шашып,
Баарынан кечип узадым таңда.

Махабат чогун ыргытып таштап,
Кайгынын отун колума кармап.
Адашпай таптым деп жүргөн жолдон,
Айласыз артка келаттым ыйлап.

Жолумду тороп кечиргин дедиң,
Бей күнөө ката кетирдим дедиң.
Жашоомдун көркү бир гана сен деп,
Боздогон үнүң укпадым кеттим.

Кайгыга чөкпөйм көтөрөм дедим,
Кайрылып артка келбеймин дедим.
Кыйышпас болуп антташкан күндү,
Акыры барып унутам дедим...

Токумдай жылдар чубашып өтөөр,
Томуктай жүрөк унутаар эчөөр.
Түйшүктүү күндү толуктап көңүл,
Толкундуу шоокум түздөөлөр, бүтөөр.

Жаркырап чыкса шооласы таңдын,
Жашоонун жаңы тосоормун шаңын.
Жабыккан күндү чыгарып эстен,
Жагаармын анда тагдырдын шамын.

## СҮЙҮҮ

Сүйүү канат асман айга учурган,
Сүйүү ысык күн нурундай жылыткан.
Сүйүү бакыт баасы да жок куну жок,
Тосуп чыгат кучак жайып жолуңдан.

Кубанасың сүйүү келсе көктөмдө,
Гүлү жайнап жыпар чачып төгүлсө.
Алдейлешип ак сезимди термелтип,
Ак сүйүүнүн арзуусуна бөлөсө.

Сүйүү үчүн кимдер жанын кыйнабайт,
Сүйүү үчүн кимдер зарлап муңканбайт.
Көркө бөлөп тагдырыңа жанашса,
Сүйүү үчүн кимдер гана кубанбайт.

Сүйүү сени кимдер эңсеп сагынбайт,
Сүйүү сени кимдер күтүп зарыкпайт.
Сүйүү сенин касиетиң кубатың,
Дөөнү, шааны, алпты дагы багынтат.

Сүйүү сага кимдер гана баш ийбейт,
Жаш карысы баары сага ийилет.
Сүйүү барда өмүр жашоо уланып,
Ыйыктыгы касиети керемет.

## СУЛУУ ЖИГИТ

Булакка суу алганы бара калсам,
Суу жээги бозой турат карай салсам.
Көңүлүм алып учуп тынчтык бербей,
Азгырык бир сезимде оттой жанам.

Бозой да бул сезимге кабылганбы,
Булакта турган мени байкабады.
Карегим көз учкунун кадаса да,
Кайрылып сулуу жигит карабады.

Келбеттүү сулуу жигит байсзатым,
Селкиге көз салбаган кандай жансың.
Сезимге от койсом деп кыялданып,
Калп эле чакаларды калдыраттым.

Чын эле... жүрөгүмдү козгодуңуз,
Чын эле... көңүлүмө от койдуңуз.
Байкабай турсаң деле сулуу жигит,
Бактымды бир өзүңө кошконсудум.

## ТҮШ ЭЛЕС

Көкүрөктө бир арман бар жанбаган,
Жан дүйнөмдө жанар тоодой жайнаган.
Канча мезгил караан үзүп кеталбай,
Карегимде бүгүнкүдөй сакталган.

Түн шоокуму түштө көрүп кубанам,
Толкунданам ошол түшкө суктанам.
Узак жылдар уялаган сезимди,
Түнү кирген түш элеске ыйгарам.

Улай, улай убакыттар чубашса,
Утур алга үмүттөрдү уласа.
Унуталбай санааларды артынып,
Убайымдуу күндөр жылат муңая.

Жараткандын жакшы күнүн күтөмүн,
Жалындаган жакшы кездин түрмөгүн.
Эртеңкинин үмүт отун өчүрбөй,
Элесинди эрмек кылып жүрөмүн.

## СҮЙҮҮ ШАМЫ

Күтүүнүн сагынычтын буурул таңы,
Өксүктүү өкүнүчтө сапырылды.
Көөдөндө күйүп турчу сүйүү шамы,
Тутанып туталбай өчүп калды.

Агарган ак шоокумдуу аруу таңды,
Арзуунун сагынычы ээлеп алды.
Өзөктү өрттөп турчу бир сүйүүдөн,
Өчпөгөн өкүнүчтүү сезим калды.

Санаанын желеленген ак буласы,
Үзүлүп, үзүлалбай менде калды.
Түндөрчү көз ирмебей таң атырган,
Түтөтүп жүрөгүмдү ээлеп алды.

Ай, жылдар алыстатып арабызды,
Күтүшүү, кездешүүлөр жалганбады.
Тагдыры кайчыланган биздин жолдор,
Ырымдын саптарында жашап калды.

## АЛ БИР МЕРЕЗ

Күз супсак күүгүмдөнөт,
Түнөргөн жансыз элес.
Тигилип тикте,тиккий,
Тумандай жалгыз элес.

Жалбырак бирин серин,
Сапсары түс кийинген.
Кубанып кучак жайбай,
Кунарсыз мисирейген.

Кадамдар кайчыланат,
Бирикпей чачыранат.
Жалбырак сары шуудур,
Жайылып жер жазданат.

Кусага толгон элес,
Жол карайт эртели кеч.
Күз супсак арасында,
Түнөрөт жалгыз элес,
Эрибейт ал бир мерез.

## ЖИГИТТИН ЫРЫ

Уячалуу нур жүзүңө тамшана,
Улутунат далай жигит муңайа.
Келбетиң бар жаз гүлүндөй жайнаган,
Күн чырайлуу  карындашым садага.

Кызгалдактай талаадагы таптаза,
Кызылдары ак жүзүңдүн татына.
Албырасың аста карап өтүпсө,
Ай чырайлуу карындашым садага.

Жарашыктуу көйнөгүң да наздана,
Жамалыңа жаз илеби жагыла.
Жалыны жок өрт кеткенсип жүрөккө,
Жакын барбай сүрдөнөмүн садага.

Айланчыктап арбаламын жаныңда,
Ашыктыгым айтсамбы деп камына.
Кирпик ирмеп карап койсоң тигиле,
Калды сөзүм камдап алган  чачыла.

Уяң тиктеп узап кетсең жай гана,
Уячалар нур жүзүңө жараша.
Улутунуп кала бердим мен дагы,
Ууздай таза карындашым садага.

## КҮТКӨНҮҢ БАР

Кош бол мейли кете бергин зыңгырап,
Сен билбеген,мен кыйналган өксүк бар.
Ошентсе да өчпөсө дейм шооладай,
Ортодогу биз өткөргөн... ак таңдар.

Түнөрүшөөр караңгы түн жалгыздык,
Муңканышаар муздак дубал кусалык.
Жан кейиткен эңсөө жана сагыныч,
Кучагында кунарсыз түн... азгырык,

Көңүл чарчаар өчпөс күндөр кошулуп,
Уйку качаар өтпөс түндөр созулуп.
Турмуш оту күйбөсө да жалындап,
Өмүр тураар өлбөстүккө кам уруп.

Мейли кетсең түн шооласын өчүрүп,
Мээрими жок жалгыздыкка өксүтүп.
Кош бол дешип коштошо бер а бирок,
Күдөр үзбөй күтөөрүм чын күтүнүп.

## КЕЧИР МЕНИ

Жакшы адам кечир мени, кечир мени,
Жан дүйнөм ыйлап сурайт ая мени.
Жакшы сөз арнап сага төгүлбөдүм,
Жалоорун келгениңде жамгыр түнү.

Күмөнсүп ойлой бербе ар нерсени,
Курулай санаалардын болот чеги.
Кумарлуу көздөрүңө карай албай,
Кетирдим каталыкты ошол түнү.

Кечирчи, жакшы адам кечир мени,
Жалынды сактап калчы сезимдеги.
Жанашып жакын жүрө албаганга,
Жан дүйнөм эңшерилип турган кези.
Жакшы адам кечир мени, кечир мени.

## КЫМБАТЫМА БАРАЙЫНЧЫ

Жүрөк сырын ачайынчы,
Сыр түрмөгүн чачайынчы.
Өзүң сунган гүлдү жыттап,
Көңүл черин жазайынчы.

Жолуң тосуп барайынчы,
Жоодур тиктеп карайынчы.
Таарынычты сагынычка,
Алмаштырып алайынчы.

Кымбатыма барайынчы,
Кызыл гүлдөй жанайынчы.
Кыялымда эңсеп жүргөн,
Керемете калайынчы.

## ЭРГҮҮ

Нур төгүлүп бешенемден мөлтүрөп,
Жолдо барам аруу таза ойлор көп.
Күмүштөнүп жылтылдаса жумшак кар,
Эргүүм батпайт көөдөнүмдө күргүштөп.

Айланага көңүл отун бурдуруп,
Аяз беттен чымчылашат шоктонуп.
Көрүнбөгөн кылы менен сыбызгы,
Жүрөгүмдү миң толгошот оштонуп.

Кышкы аяз жылтылдаган күмүш кар,
Сүрөт тартып, оюн куруп назданса.
Тээ алыстан тиктегенсийт суктанып,
Көктөгү Ай, жымыңдаган жылдыздар.

Ал ансайын кыялдарым кубулуп,
Кардай таза эргүүлөргө умтулуп.
Жумшак карда сампарлаган жай гана,
Бараткансыйм бакытыма кол сунуп.

## СЕЗЕЙИНЧИ

Жүрөк сезип сүйүүнүн ысыктыгын,
Туйумум да сезгендей кызыктыгын.
Жалын бүркөн жашоодо алоолонуп,
Жанар тоодой атылып турганым чын.

Жылып жүрчү ай,жылдар жолун улап,
Саманчынын жолундай барат чубап.
Жомогумдай айтылган күнү- түнү,
Жолукпасаң турамын күндө самап.

Тоодой бийик жөлөксүң турган таяп,
Тоо желиндей жүзүмдөн турган сылап.
Тоодон кулап агылган булак болуп,
Суусунумду ов кандырчы таңдай суулап.

Айлуу түнүм, жылдыз бол жымыңдаган,
Аппак таңым шоолам бол бажырайган.
Аптабына көшүлтүп бөлөп турчу,
Күн нуру бол күнүгө чачыраган.

Сенден алып эргүүнү, кубанычты,
Сапырайын санаалуу сагынычты.
Сересинде арзуунун толуп,ташып,
Сезейинчи... түгөнбөс кубатыңды.

## БИЛДИРИП КОЙ

Сен мени аябачы, сыйла жаным,
Ээликен кыялдарды калтыр баарын.
Кокустан оолактасам бул жалгандан,
Аздектеп ырларымды баркта дайым.

Сен мага жалынбачы,сыйла жаным,
Элирген ээн сөздөрдүн унут баарын.
Капыстан узап кетсем кош айталбай,
Катып кой ырларымды жыртпа жаным.

Сагынсаң ачып оку дептеримди,
Эскергин элестерин жакшы күндүн.
Урпагым сурап калса мен жөнүндө,
Унчугуп билдирип кой талант жөнүн.

## ТАҢКЫ ЭЛЕС

Аткарылып ойлордун от жалыны,
Айлуу түндө жолукчубуз жаркыным.
Бирге болуп биз ойлогон тилектер,
Байкабаппыз таңдын шоола чачканын.

Анан сезип таңдын аппак атканын,
Убакыттын сараң ичи тарлыгын.
Жалбырагын шуудураткан кайыңдар,
Үйүңөргө кайткыла деп жатканын.

Ал ансайын таң шооласы шоктонуп,
Аралыктар ортобузга чок болуп.
Кош бол десем карегиңе кадалып,
Коңур үнүң араң чыкты токтолуп.

Ошондогу таңкы салкын жел менен,
Кол булгалап кеткен элем анда мен.
Мезгил өтүп, ошол аткан таңдардан,
Элесиңди издеериңди сезбегем.

## СЕНИ МЕНЕН

Сезбестен күздүн муздак жел шамалын,
Кыдырып булут кечип жүрөм жаным.
Күн сайын жан дүйнөмө кубат берген,
Өзүңдөн алып турам гүл азыгын.

Сүйүүнүн болот тура чени кенен,
Кубантып демиңе дем кошот экен.
Сен барда дүйнөм толук, көңүлүм жай,
Жашоонун майрам шаңы өзүң менен.

Тагдырдан таап алган кутумсуң сен,
Көөдөндө көңүлүмдүн кушусуң сен.
Ажайып ар күнүмө бакыт сунган,
Ардагы жүрөгүмдүн теңисиң сен.



## АЛГАЧ СҮЙҮҮ АЛ ЫЙЫК БОЛЧУ ДЕЙЛИ

Махабаттуу дайрада толкуп ташып,
Кулач уруп толкундарын кошо ашып.
Тамырларга тамчысы азык берип,
Таттуу сезим жүрөктө болсо бакыт.

Ошол тамчы бактысы буюрбастан,
Алыс кеткен адашып айлыбыстан.
Агымдары толкубай ак сүйүүнүн,
Токтоп калган тосулуп уланбастан.

Качандыр бир жолуксаң толкундарга,
Ал күндөргө кайрылып кусаланба.
Алгач сүйүү бактысы буюрбаган,
Ар экинчи адам бар махабатта.

Таарынбайлы алтыным тагдырларга,
Табыштырбай койду деп жаратканга.
А , мезгилдер адашып алып кетет,
Жашыл кезди айлантып ак бубакка.

Кетти келбейт сүйүү деп өксүбөйлү,
Капаланып өмүрдү өткөрбөйлү.
Жакшы күндөр элесин бийик тутуп,
Аруу, таза, ак сүйүү болчу дейли.

Күтүүшүлөр келбейт деп кейибейли,
Күмүш күндөр элесин өчүрбөйлү.
Сурап калса сын көздөр сырдуу тиктеп,
Алгач сүйүү ал ыйык болчу дейли.

## КАБАРЛАШКЫН

Дарегинди издедим, табалбадым,
Дале үзбөй үмүттү армандамын.
Далай сырлар катылган айлуу түндөр,
Дайыны жок кетпесин...кабарлашкын.

Жан сырымды айталбай жабыркаймын,
Жан дүйнөмдө жашырып жалындаймын.
Жайлоо кечи мөл булак шылдырлары,
Унутулуп кетпесин...кабарлашкын.

Кабарыңды билдирчи кабарлашкын,
Сапырылган санаада саргайбайын.
Сары,кызыл гүлдөрү сагындырган,
Сандык төрдү эстесең...кабарлашкын.

Кабарыңды билдирчи кабарлашкын,
Ээнсиреген сезимдер кубанышсын.
Эсте калган кадыр түн кайрыктарын,
Кайрый албай калбайлы кабарлашкын.
Кабарыңды билдирчи... кабарлашкын.

## БАЯГЫ ЖОЛ

Баягы жол...дагы жалгыз баратам,
Күтүүсүздөн обон мурда укпаган.
Чакыргандай сыдырымдуу желпигич,
Жалгыздыктан алаксытса кубанам.

Кереметтей таң куусуно бекинген,
Сенин жылуу илебиңди сезем мен.
Аба суунун эпкининен жылт эткен,
Сүрөт элес... келбетиңе кезигем.

Таң куусунөн күтөм күлкүң угулган,
Сыйкыр жомок сырларындай кубулган.
Сен алыстан, жакын басып келсе деп,
Кең дүйнөгө батпагансып буулугам.

Баягы жол ...дагы жалгыз баратам,
Кечиксе да кереметтер кабылган.
Сүрөт элес келбетиңди жайдары,
Мезгилдердин арасынан сагынам.

*****     *****     *****

Өзгөрдү...өмүрлөр башкача,
Баягы...кездердей татына.
Таалайга чөмүлтүп киринтип,
Алычуу...ал убак...алыста.

Айлуу түн...жалындар жанганда,
Жылдыздар...тогошчу айларда.
Арзуунун көлүндө балыктай,
Сүзүүчү... ал кездер...алыста.

Жылымчы убакыт...жулуна,
Жетелеп жеткирген санаага.
Азыр биз буурул түн таңдарды,
Тособуз...мен мында...сен анда.

Тагдырлар... кыскарткан таалайды,
Буйруксуз...мыйзамсыз...айоосуз.
Сүйүүнүн биз жүрчү... аралын,
Алышкан...башкалар...ыйгарып.
Буйруксуз...мыйзамсыз...каалоосуз.

*****  *****  *****

Жолумда турсаң ак шамым болуп ардагым,
Желбиреп чыгып назданып сени тосподум.
Кечиргин мени, кечиргин дүйнө кеңдиги,
Жакшылык билбес пендеңе мерез окшодум.

Толгонот жүрөк толкусам деле кенебейт,
Маңдайга бүткөн мүнөзүм ушул эрибейт.
Өзгөртөм десем өзгөрбөс комуз кылындай,
Дирилдейт сезим, дирилдеп бирок жеңилбейт.

****** ****** ******

Эркиндиктер бараткансыйт жок болуп,
Элик кыял тизгинделип токтолуп.
Эшик чертип күмүш күздүн белгиси,
Кел берилеп колун сунат октолуп.

Күз жалбырак күңгүрөнсө шыбырап,
Күүгүмдөнүп күн да турат ырастап.
Убакыт бар шашпа, шашпа дегенсип,
Жалгыз гана сезимдерим кубаттайт.

****** ****** ******

Көөдөндө толгон санаалар улам созулуп,
Көңүлгө орноп таарыныч оту козголуп.
Ниетимди аппак түшүнбөй кээ бир жакыным,
Жүрөктө «инфаркт» баратат чиркин торолуп.

Кыйытсам деле жетпеди пейил мүнөзүм,
Кылгыра тиктеп катуу сөз айтпай мүргүдүм,
Аттиң ай, бирок түшүнүп турган түшүнбөс,
Жакыным көрүп жан дүйнөм ыйлап түңүлдүм.

## ТҮНКҮ АК ШАМ

Күүгүм түшүп ай да чыгып мелтиреп,
Талашкандай жылдыз нурун себелеп.
Күлүп жайнап күмүш күлкү тартуулап,
Түнкү ак шам... көңүлүмдү эргитет.

Ай учкуну, жылдыз нуру жымындап,
Түн шооласы  сырдуу тиктеп кыбыңдап.
Жолугууга кечикпечи дегенсип,
Кирпигимди уйку тартат сыйкырлап.

Көз илине сыйкыр жомок дүйнөңдөн,
Карек көрдүм сүйүү мээри төгүлгөн.
Түнкү ак шам арасынан жоодурап,
Аяр тиктеп турган сымал көрүнгөн.

Келди анан бүт ааламды жаңырткым,
Сезимимди ак булутка айланткым.
Тандап алган таалайым деп тагдырдан,
Үнүм чыкпай калгычакты кыйкыргым.

Ошол элес,түнкү ак шам чындыгым,
Тартууладың экинчи өмүр тамчысын,
Ай,жылдыздын нурларына чайынтып,
Жүрөгүмдүн козгоп турдуң тамырын.

Тагдырлашты тартуулаган ак шамым,
(ал-« Дализар» түнү келчү аяным)
Таалайың деп сунган сезим кайрыгын.
Кирпик какпай сыйкырыңа берилип,
Өзүң менен келет менин жашагым.

Түн күзөтүп түбөлүккө берилип,
Өзүң менен келет менин жашагым.

**БУЛАГЫМ**

Жаңырып сагынычтуу кулагыма,
Мөлтүрүң сырдуу эле шылдыраса.
Жылаажын күмүш күүңө кыялданып,
Жээгиңде отурчу элем ойго туна.

Коштошуп кетейин деп турганымда,
Кыйылып шылдырыңа бурулганда.
Кыялдар акак сымал чачырачу,
Жапжашыл гүлдүү шибер тулаңыңа.

Узагам...сагынамын булак үнүн,
Узагам,угалбаймын шылдыр күүсүн,
Балалык бактым сенде өткөн беле,
Булагым ырга айланткан өмүр гүлүн.



## ЭМНЕГЕ

Карасаң тигиле,
Албырам эмнеге.
Кеткендей ток уруп,
Кан дүргүп денемде.

Каректер чагылса,
Жүзүмдөн нур жана.
Караңгы түн сымал,
Калтаарыйм эмнеге.

Карашың шоктонуп,
Күйгүзөт от болуп.
Тийишсе эриндер,
Кетчүдөй чок болуп.

Ошол кез жагымдуу,
Болуппуз бактылуу.

## БОЛСОҢЧУ ШАМЫМ

Карегим талып,
Кайгыга батып.
Махабат дартын,
Жүрөмүн тартып.
Көөдөнгө толгон,
Күйүттүн куусу,
Суугансып барат,
Аруузат сүйүү.
Жан дүйнөм ыйлап,
Жабыркайт жаным,
Жанчылып сезим,
Туюкта калдым,
Кырмызы гүлдөй,
Кыярбай бактым,
Кырларды ашып,
Кылымга шаштым,
А бирок сендей,
Жакшыны таппай,
Өчкөнсүп барат,
Жан дүйнө шамым.
Жүрөктөш болуп,
Баалагаң баркты,
Түйшүккө салбай,
Айыктыр дартым.
Алыстап кеткен,
Жалынды кайрып,
Көөдөндө күйгөн,
Болсоңчу шамым.
Тамырды таамай,
Аралай чапкан,
Өчүрбөй сүйүү,
Илебин жаккан,
Болсоңчу менин,
Кыйбасым жаным!

## КЕЛСЕҢ ЭМНЕ

Жаным кейип жалооруп турганымда,
Жан дүйнөмө жылуулук сураганда.
Жаркыным ай жанымда болсоң эмне,
Жан сырымды жашырбай айтаарымда.

Сагынычтын үмүттөрү үзүлөөрдө,
Сапырылган санаалар көмүлөөрдө.
Дарыгердей шашылып келсең эмне,
Дабаа болуп капалуу жүрөгүмө.

Ай, ааламды аралап издегенде,
Арзуу толуп арбалып эңсегенде.
Саманчынын жолундай сапар алып,
Ардагым ай ашыгып келсең эмне.

## МЕЗГИЛ БАР САГЫНДЫРГАН

Турмуштун кайыгында,
Жолукпай кайыгышкан.
Жашоо бар тынымы жок,
Желедей чырмалышкан.
А, бирок күндөрү бар,
Өткөндү эске салган.

Жаз келсе көктөм сайран,
Бүчүрү кооз ачылган.
А өмүр каркырадай,
Баратат сабалаган.
А,бирок күндөрү бар,
Көөдөндө өчпөй жанган.

Жай айы жаркыраган,
Керемет гүл жайнаган.
Көңүлгө жакшы маанай,
Эргитип тартуулаган.
А,бирок күндөрү бар,
Жүрөктү сагындырган.

Мезгилди ээрчип алган,
Бири күз кусаланган.
А бири аппак болуп,
Аруулук тартуулаган.
А,бирок күндөрү бар,
Жүрөктү капаланткан.

## ОО ЖИГИТ, КАНДАЙ ЖАНСЫҢ

Мээримдүү жылуу сүйлөп,
Өзүңө багынтасың.
Арбаган сөзүң менен,
Оо жигит,кандай жансың.

Күлмүңдөп күлө карап,
Күүгүмдү таратасың.
Жалбыртап күйбөй калган,
Жалынга от чачасың.

Жол тосуп жылмаясың,
Гүл сунуп муңайасың.
Сезимдер баш ийбесин,
Билсең да тайманбайсың.

Келбеттүү татынасың,
Акылдуу тетик жансың.
Эжекең айткан жоопко,
Оо жигит кайгырбассың.

Жан дүйнөң ачык таза,
Ак көңүл шайыр жансың.
Жашоонун жолу узак,
Таалайды табалаарсың,
Оо жигит, таарынбассың.

## ЫЙЫК СЕЗИМ

Эстейм дегем, эстебейм эми бул чындык,
Узадың кеттиң, аптаптуу жайда күн ысык.
Өзүңө балким окшотуп издеп тураармын,
Элеси түшкөн көлөкө күндү бир сызык.

Түн кезип түштөн күтөөрүм сени ал бышык,
Күндүсү болсо сыр мончок болуп сызылып.
Тагдырдын жолу кошпогон тунук ак сүйүүм,
Тумарча болуп өчпөсүн билем ал ыйык.

Жашаймын жүрөк жабыгып сыздап турса да,
Эскерип сени эртеби, кечпи таңда да.
Элесиң сенин унутпай сактап түбөлүк,
Өмүрүм өтөөр мезгилдин ар бир шаңында.

Эстебейм дегем,тагдырга жиндеп таарынып,
А бирок сезим баш ийбейт экен чынында.
Аздектеп дале сүйөмүн сени жакшы адам,
Арманым болуп калсаң да тагдыр жолунда.



## ЧАКЫРЧЫ МЕНИ

Чарчадым жаным, чакырчы мени жаныңа,
Чаржайыт жашоо калсынчы турган жайында.
Чамасы жетпей алсырап барат ардагың,
Чакырчы жаным,барайын сенин жаныңа.

Башымды жөлөп, керилип демди алайын,
Баасы жок өткөн күндөрдү унут санайын.
Бар болсоң айтчы бир азга тынып чарчоодон,
Бал ширин жылуу сөзүңдү угуп кайтайын.

Чакырчы жаным, кубатты сенден алайын,
Жаныңда бир аз эркелеп кайра кайтайын.
Узатып, тосуп жакшы күн күлкү шаңына,
Чакырчы жаным, барайын сага барайын.
Жаныңда бир аз эркелеп кайра кайтайын.

## МАГА ЖЕТЭЭР

Жашоо нугу мөлдүн аккан шылдыры,
Жүрөк күүсү сезимдин миң шыбыры.
Коштошалбай кыйылдың го кыйналып,
Кан буугандай токтоп жүрөк сыбызгы.

Өзүң менен өткөн өмүр жарымы,
Мага жетет жакшы күндөр агымы.
Мен кыйылсам, сен кыйналып камыкпа,
Күткөнүң бар күйгөн оту жагылуу.

Мага жетээр айлуу түндөр андагы,
Мага жетээр жылуу сөздөр таңдагы.
Мен кыйылсам, сен кыйналып жабыкпа,
Мен жашаармын элестерде жагымдуу.

## ӨМҮР

Жашап өтүү эч максатсыз өмүрдү,
Жан кейитет көргөн жанды көңүлдү.
Жаратканым жашоо нурун сепкен соң,
Жашаш керек ал өмүрдү үлгүлүү.

Тагдыр, жашоо, өмүр баары байланган,
Тирүүлүктүн айлампасы айланган.
Жаратკандын берген ыйык нурларын,
Улуу сыр деп кабыл алгын оо адам.

Демек адам изден, изден талбагын,
Көөдөнүңө ыйман, дилди байлагын.
Жаратканга өмүр бою ийилип,
Тирүүлүктүн айлампасын айлангын.

Улуу сыр бар Жер эненин койнунда,
Улуу сыр бар тоо ташында, боорунда.
Касиеттүү ушул сырга эгедер,
Жалгыз гана жаратканым чынында.

Берген бизге күндү, түндү, жылдызды,
Жазды, жайды жаадыраган сүйкүмдүү.
Берген бизге жаратканым ырыс кут,
Күздү, кышты берекелүү, мөмөлүү.

Берген үчүн биз карызпыз адамзат,
Кайра аны кайрып берүү бул максат.
Сексен, токсон, жүз жаш менен мактанбай,
Үлгү болоор иш жасайлы адамзат.

## БАКЫТ ТУРА

Кээде эле...буулугамын жарылалбай,
Кээде эле...тумчугамын бакыралбай.
Кыйналган күндөр эске түшкөн кезде,
Кейинем кемтиги бар кайырчыдай.

Өзүмдү... аябадым,аябадым,
Өзгөлөр деле мени карабады.
А бирок ар намысты бийик тутуп,
Өжөрмүн, өжөрлөнүп арыбадым.

Жылдар да жыла берди аккан суудай,
Өмүр да өтө берди жел,шамалдай.
Өкүнүч калтырбадым көңүлүмө,
Көптөрү тескер басып кетишсе да.

Билгизбей кара чачты бубак басып,
Ак жүздө чыбырланган бырыш калып.
Адамдык парзым менен айныбастан,
Арнаймын ак дилимди жүрөк жарып.

Жыргалы кууралы бар бул жашоодо,
Баары бир тирүүлүгүң бийик тура.
Өкүнүч, таарынычтар ортодогу,
Аз күндүк арзыбаган мүшкүл тура.

Убакыт мезгилдер да кымбат тура,
Убайым сый урматтын катарында.
Кадырлап барктайлычы бул өмүрдү,
Тирүүлүк көрсө келген бакыт тура.

## ӨМҮР

Жашап өтүү эч максатсыз өмүрдү,
Жан кейитет көргөн жанды көңүлдү.
Жаратканым жашоо нурун сепкен соң,
Жашаш керек ал өмүрдү үлгүлүү.

Тагдыр, жашоо, өмүр баары байланган,
Тирүүлүктүн айлампасы айланган.
Жаратканды берген ыйык нурларын,
Улуу сыр деп кабыл алгын оо адам.

Демек адам изден, изден талбагын,
Көөдөнүңө ыйман, дилди байлагын.
Жаратканга өмүр бою ийилип,
Тирүүлүктүн айлампасын айлангын.

Улуу сыр бар Жер эненин койнунда,
Улуу сыр бар тоо ташында, боорунда.
Касиеттүү ушул сырга эгедер,
Жалгыз гана жаратканым чынында.

Берген бизге күндү, түндү, жылдызды,
Жазды, жайды жаадыраган сүйкүмдүү.
Берген бизге жаратканым ырыс кут,
Күздү, кышты берекелүү, мөмөлүү.

Берген үчүн биз карызпыз адамзат,
Кайра аны кайрып берүү бул максат.
Сексен, токсон, жүз жаш менен мактанбай,
Үлгү болоор иш жасайлы адамзат.

## БАКЫТ ТУРА

Кээде эле...буулугамын жарылалбай,
Кээде эле...тумчугамын бакыралбай.
Кыйналган күндөр эске түшкөн кезде,
Кейинем кемтиги бар кайырчыдай.

Өзүмдү... аябадым,аябадым,
Өзгөлөр деле мени карабады.
А бирок ар намысты бийик тутуп,
Өжөрмүн, өжөрлөнүп арыбадым.

Жылдар да жыла берди аккан суудай,
Өмүр да өтө берди жел,шамалдай.
Өкүнүч калтырбадым көңүлүмө,
Көптөрү тескер басып кетишсе да.

Билгизбей кара чачты бубак басып,
Ак жүздө чыбырланган бырыш калып.
Адамдык парзым менен айныбастан,
Арнаймын ак дилимди жүрөк жарып.

Жыргалы кууралы бар бул жашоодо,
Баары бир тирүүлүгүң бийик тура.
Өкүнүч, таарынычтар ортодогу,
Аз күндүк арзыбаган мүшкүл тура.

Убакыт мезгилдер да кымбат тура,
Убайым сый урматтын катарында.
Кадырлап барктайлычы бул өмүрдү,
Тирүүлүк көрсө келген бакыт тура.

## ОЙ ТИЛЕК

Терең ойго жеселенген,
Жетеленип келемин.
Аралашып санааларга,
Чырмалгансыйт бүт сезим.

Көөдөндөгү максат тилек,
Ишке ашса деп ойлосом.
А ортодо тагдыр турат,
Аралашып октолгон.

Өмүр болсо токтобостон,
Жел шамалдай зымырап.
Жарымына бул кылымдын,
Жеткиришти кубалап.

Санаа туман, ойдо чексиз,
Сансыз үмүт жетелеп.
Өлкө үчүн, мекен үчүн,
Кызмат өтөөр бекем деп.

Кирпик какпай далай түнү,
Изденеермин, жазаармын.
Ыйык жерге тамчыдай бир,
Эмгегимди арнаармын.

Ооба, жашоо жараткан да,
Жиберишеер сыноосун.
Бирок чөкпөй көтөрүлүп,
Көкүрөктү тосоормун.

А ойлорум тынымы жок,
Жетеленген максаттар.
Изгиликтүү иш жаратып,
Кетем  деген тилек бар.

## ӨМҮР ТИЗМЕГИ

Жолдор, жолдор, жолдор түгөнбөйт,
Жолочудай жол улаган тагдыр көп.
Бирде төмөн, бирде бийик умтулуп,
Биз өмүрбүз бара жаткан төтөлөп.

Өмүр, өмүр, өмүр кымбат баарынан,
Баалагыла, барктагыла абыдан.
Ыйман тутуп, ак пейилде жашасаң,
Ырыскы кут берип турат жараткан.

Жаштык, жаштык, сүйкүм, көркөмдүү,
Жаштык курак болоттой курч өктөмдүү.
Жаштыгыңды,кыялыңды өчүрбөй,
Жалындап күй болбош үчүн өкүнүү.

Сүйүү, сүйүү, сүйүү ширин таптаттуу,
Сүйбөй өтсөң жашоо түндөй караңгы.
Сүйүү барда канат байлап учасың,
Сүйүү барда аалам сулуу,сымбаттуу.

Ажал, ажал, ажал мерез каралуу,
Ар пендеге салат мүшкүл азапты.
Аз өмүрдү бийик тутуп аздектеп,
Жашап өтүү парзыбыз го ыймандуу.

Адам улук,адам ыйык чынында,
Адам сыйлуу сыйлуулугу баркында.
Акыл менен өтөп өмүр жолуңду,
Из калтыргын артыңдагы урпакка.

## ЖАШОО СЕНСИҢ

Кайгыруудан кубануу бөлүнбөстөн,
Күз кайрыктай кусалуу кыр көрүнгөн.
Кайыгышып кагышып кол кармашып,
Жашоо тагдыр келесиң түгөйлөшкөн.

Бакыт, таалай, дөөлөткө бөлөнүшкөн,
Балбылдаган чырактай өмүр өткөн.
Бариктерин жайнатып желге тосуп,
Жалын сүйүү жаралган өлбөстүктөн.

Буурчак жаштар куюлган өкүнүчтөн,
Буурул түн бар алдыда тосуп күткөн.
Бубактантып муздатып ажыраткан,
Ажал, өмүр тирешет өчөшүшкөн.

Ачуу,таттуу турмушта өйдө төмөн,
Жаманы да жакшысы кошо жүргөн.
Тагдырына алардын аралашып,
Жашоо сенсиң бүгүлүп көнүп бүткөн.

## ЖҮРӨКТӨ САКТА

Абалтан келген тилинди сакта,
Жараткан берген динииди сакта.
Каныңда жүргөн намысты сакта.
Жети ата тегиң унутпай сакта.

Атанын атын аярлап сакта,
Эненин сүтүн баалагын,акта.
Кандашың сага баарынан ыйык,
Сыйлагын аны капага салба.

Ыймандуу болуп улууну сыйла,
Улуулар сөзү жашооңо нуска.
Жамандан качып жакшыга жанаш,
Азгырык жаман уятка калба.

Жашоонун жолу абыдан кыска,
Жалындап күйгөн махабат таза.
Алганың болсо кең пейил тунук,
Мөмөлүү болуп бактылуу жаша.

Кабагың ачып эжени баркта,
Карындаш кымбат аны да сакта.
Апакең айткан акылын балам,
Унутпай дайым жүрөктө сакта.

## КЫЙЫН ТУРА

Кыйын тура адамдардын өмүрү,
Бирде жай да, бирде кыштай көңүлү.
Кээ бирөөнө кармалбаган нур сымал,
Кээ бирөөнө таалай оту төгүлүү.

Кыйын тура адамдардын тагдыры,
Бири жыргап, бири тартып азапты.
Кут, ырыска жетиш үчүн сыноодон,
Жаралганбы окшош болбой баарысы.

Бирдей келип күлкү менен кайгысы,
Эриш аркак жүрөт тура ырыскы.
Ошентсе да жаратканга баш ийип,
Жашаш керек бийик тутуп ыйманды.

## ТОКТО МЕЗГИЛ, ШАШПАГЫН

Токто мезгил жүгүрбөгүн,шашпагын,
Толкуп турган ырларымды жазайын.
Кылым шаңы бөксөргөнсүп турса да,
Кызыл манат кымбаттарын чачайын.

Токто мезгил чуркабагын,шашпагын,
Кадамыңды жайдан таштап чайпалгын.
Карызым бар Ата журтка берелек,
Кучак жайып күтүп турат барайын.

Жан дүйнөмдө ачыла элек сырлар бар,
Чертип турган жүрөгүмдүн кылдарын.
Кечир мени, кечиргиле мезгилдер,
Кеч келсем да ыр белегим арнайын.

## ТИЛЕК

Дүбүрт чыгып доорундан,
Жарып чыгып боорундан.
Кыргыз журтум кайда деп,
Кыраан чыгаар жулкунган.

Мезгил келсе чеп болоор,
Мекенине зоо болоор.
Кыйдылардан тазалап,
Кыйын чыгып кут коноор.

Чырпык өсүп көгөрөөр,
Чыр дүйнөнү бөгөшөөр.
Ата журттун оорусун,
Аркалаган төрөлөөр.

Канат бүтүп торолоор,
Жөлөп аны эл колдоор.
Коррупция жоголуп,
Эл жерибиз оңолоор.

Жетели элим тилекке,
Жоголгун дейли жегичке
Жараткан берип шыпаасын,
Ырыс кут сунсун эл жерге.

## БИЙИК БОЛ

Ушул жашоо көкүрөктө чийилген,
Көп калтырды көңүлдөрдү ийилген.
Ар күнүндө доо кетирип намыска,
Арамданып көрүнбөстөн кемирген.

Калыстыктын чеги өчкөн түтөгөн,
Адамдыктын арты эбак көмүлгөн.
Жакшылардын катары улам азайып,
Жалындабай өчүп барат бул дүйнөң.

Бийлигиңдин көзү сокур жумулган,
Калп каткырып,чындык жолу бурулган.
Бийик чыгып кошоматтын үндөрү,
Жойпуланып жанын багат жулунган.

Базар жайнап,баалар асман чапчыган,
Чымчып жыйган эл байлыгы чачылган.
Чыгалбастан чындык тордо камалып,
Чыркыраган үнү угулат араңжан.

Калк муңкүрөп кабыргасы кайышкан,
Бешене тер беш тыйынга арзыган.
Берекелүү байыркы эл берешен,
Бакыт издеп башка элге табынган.

Ушул жашоо,ушул бийик дүйнөдөн,
Эмне калды деген суроо өксүгөн.
Табышмактай дайым турат илинип,
Жообу алсыз араң чыгып жүдөгөн.

Урпак тураар изин таппай жакшынын,
Улуулуктун усул кебин акылын.
Аттиң, кантип сактап берээр экенбиз,
Наалат укпай кийинки доор намысын.

Таза болсун деп тиленем келчү доор,
Чындык жеңип кошоматчы жоголоор.
Ата журттун ар намысын көтөргөн,
Кийинки доор урпактары бийик бол.



## МЕЗГИЛ ТИЗГИНИ

Ойгоо жатам бул дүйнөдө
жалгыздай,
Шүүдүрүмдө үшүп калган
жалбыздай.
Сен жалгызсың, мен да жалгыз
түгөй жок,
Деген сымал ай да барат
каалгып жай.

Курчап алган бүт денемди
учкундар,
Күтөм,күтөм алыс калган
кыялдар,
Шарпылдаган добуш,шоокум
угулса,
Кулак төшөйт мажүрүм тал
дарактар.

Коңгуроолуу айлар келет
тажабай,
Козгоп жашоо сезимдерин
байма бай.
Терезеден шыкаалашып
жылдыздар,
Санааларды таратышат
жымыңдай,

Арсыз уйку кирпик тартып
азгырат,
А ,ойлорум тамчы болуп
чачырайт.
Мээнет бүтсө,дөөлөтүмө
жетүүгө,
Оо,мезгилим күтө турчу
азыраак.

## БИР ЭЛЕ СӨЗ

Бир эле сөз жүрөгүмдү эргитти,
Бир эле сөз көңүлүмдү сергитти.
Жагалмайдай канат берип учуруп,
Бир эле сөз көктү карай серпилтти.

Бир эле сөз адаштырды арамдан,
Бир эле сөз алаксытты жамандан.
Жан дүйнөмдү жаралантпай соорогуп,
Бир эле сөз алып чыкты санаадан.

Көөдөнүмө ишенични толтурдуң,
Көкүрөккө мөлтүрөгөн жол курдуң.
Оо жакшы адам мен өзүңө карызмын,
Бир сөз менен болбосумду болтурдуң.

Көп болсо дейм өзүң сындуу жакшылар,
Көп болсо дейм өзүңө окшош асылдар.
Көңүл деген назик тура гүл өңдүү,
Жакшы сөздөн бажырайып ачылган.
Бар болгула ак пейилдүү адамдар!

## КАЙДЫГЕР КАЛАЛБАЙМ

Кайдыгер калалбайм жөн эле,
Эне тил туура эмес сүйлөнсө.
Кыргыздын сөздөрүн бурмалап,
Сөз баркын кетирсе өзгөчө.

Кайдыгер калалбайм жөн эле,
Жол бербей улуусун жөөлөшсө.
Бузушуп ата салт каадасын,
Башкага бүгүлүп жүгүнсө.

Кайдыгер калалбайм жөн эле,
Атанын кадырын барктабай.
Эненин ак сүтүн актабай,
Карылар үйүнө өткөрсө.

Кайдыгер калалбайм жөн эле,
Селкинин көз жашы ирмелсе.
Жигиттер кордошуп буюмдай,
Сүйүүнү баалабай тепсесе.

Кайдыгер калалбайм жөн эле,
Бөбөктөр муңайып телмирсе.
Көр тирлик айынан жер кезип,
Жаштары талаалап тентисе.

Кайдыгер калалбайм жөн эле,
Жер,сууну соодалап сатышса.
Бабалар бапестеп сактаган,
Байлыкты эсепсиз чачышса.

Кайдыгер калалбайм жөн эле,
Алдуусу алсызын кордосо.
Акыйкат айланып жалганга,
Айыпсыз адамды соттосо.

Кайдыгер кароого мүмкүнбү,
Ушундай жашоону калкында.
Жан дүйнөң тазарса адамзат,
Жараткан жардамын берет да.

Кайдыгер болбостон замандаш,
Ойлонгун жашоосун баландын.
Кор кылбай өткөрүп берели,
Муундарга мекендин байлыгын.

## ЖАЛГАНЧЫЛАР ЖАДАТТЫ...

Өчүрүүгө көкүрөктө учкунду,
Канча жолу ушак, айың угулду.
Кошоматчы, жасакерлер, жармачтар,
Чындыгымдан чыгалбаймын уктуңбу...
Кезебегин үтүрөңдөп муштумду...

Төрүбүзгө тайрандатып жалганды,
Бир адамга бергенибि «майрамды».
Кошоматчы, жалганчыга кошулуп,
Обон созуп, күүсүн чалып жалпактап,
Күрөшүүгө алсыз болуп калдыкпы...

Же...,чын эле чындык жолу алыспы,
Кайда жүрөт биз эңсеген калыстык.
Талап,тоноп,уурдап жатса «баарысы»,
Кайдыгердей карап туруу адатпы...
Качан калат...козголсоңчу калыстык,
Кошоматчы, жалганчылар жадатты.

## ОО, ӨМҮРЛӨР КЕЧИРГИЛЕ

Чарчандымбы...чарчадымбы түшүнбөйм,
Жашынсамбы жаалданган көздөрдөн.
Бир азыраак тыным алып оо дүйнө,
Алаксытчы...көралбаган сөздөрдөн.

Жанды эргиткен жакшы түшкө алпарчы,
Жамгыр болуп тазарышсын жайнасын.
Бар санааңды,бир санааңды оо дүйнө,
Алып салчы... алыс ыргыт адашсын.

Ак кабагым ай нурундай жаңырсын,
Аппак дилим күн нурундай жаркысын.
Бар ырыскы бир ырыскы бактысы,
Тамылжытып өмүрүмдү балкытсын.

Азбы көппү тагдыр сага тагылдым,
Бирде өйдө, бирде төмөн агылдым.
Алып кетти аттиң дүйнө жетелеп,
Ал учурду балалыкты жаштыгын.

Каркырадай катар катар тизиле,
Карт тарыхка чийилбей да чийиле.
Мезгил менен тең жарышып оо дүйнө,
Мен да бармын катарында ийиле.

Алаксытса жылдар жылды ээрчите,
Жылгалардан аккан суудай житире.
Ким айкындайт ким айталат өмүрдүн,
Канча кези... тургандыгын издене.

Ким таарынтты же кимдерди таарынттым,
Ким сагынды же кимдерди сагынттым.
Дүрт деп жанып өчкөн кездер көп беле,

(А чынында көп жолу мен жаңылдым)
Оо өмүрлөр, кечиргиле багындым.

Алаксытып жылдар мени коштоду,
Аядыбы жан дүйнөмдү козгоду.
Жалындаган ырлар жазып талыкбай,
Ата журтка кошкун деди добушту.

Ушул дүйнө мен жолуккан керемет,
Салыштырсам ал бир акак ак бермет.
Жаратканым наз өмүрдө көрктөн деп,
(түн ортосу тургунуң деп жулкуп бек)
Сунду мага аян нурлуу ыр белек.



## БОЛСО ДЕЙМИН

Кең дүйнө кээ адамга тарланганда,
Кемитип бак таалайдан азайтканда.
Кайдыгер карабастан...
Капасын таратсам дейм ошол маалда.

Көңүлдүн оту өчүп санаа тартса,
Күнөөсүз күйүт тартып азаптанса.
Кайдыгер карабастан...
Кайрылып кол сунсам дейм ошол саатта.

Кайгырып тагдырына турган жанга,
Карайлап бул жалганда жалгыз калса.
Кайдыгер карабастан...
Колдошуп көтөрсөм дейм колду суна.

Элимде кайгы капа болбосо дейм,
Ынтымак ырыскысы шай болсо дейм.
Көбөйтүп бак таалайды мол жиберип,
Жараткан кыргызымды колдосо дейм.

Элимдин эртеңкиси бар болсо дейм,
Эр азамат уулдары көп болсо дейм.
Өксүбөй көңүлдөрү, өркүндөп келечеги,
Кыргызым кылымдарды карытса дейм.

Калкымдын кадырына жетсемби дейм,
Кароолдой түн күзөтүп турсамбы дейм.
Кадалып түн койнунда кирпик какпай,
Ак дилдүү ырларымды арнасам дейм.

## ӨКҮНӨМ

Жашоонун аралында күн кечирем,
Жүгү оор чарчоо деген турмуш менен.
Оттору жалын кездин азайгансып,
Күүгүмдүү күз жээгине жакын келем.

Кайрылып өткөнүмө көз жиберсем,
Өмүрдүн өткөөлүндө дале жүрөм.
Өлчөмгө толчу кызмат өтөбөстөн,
Өмүрдүн өткөнүнө бир өкүнөм.

Уяла, кысыламын чын дилимден,
Алгандын бермеги бар деген кептен.
Мезгили келсе балким жарап кетеер,
Кел кели ырларымдын тизмегинен.

Өмүрдү көрсө ушинтип ченейт тура,
Мекенге өтөп кеткен кызмат менен.
Жетелейт кыялдарым сооротушуп,
Алыска... оту өчпөгөн үмүт менен.



## ЖАШОО ЖОЛУ

Кыйынмын деп көтөрүлбө,
Кыйынсынса башка бирөө.
Жолобогун андайларга,
Жашоо деген жалган дүйнө.

Артыкмын деп көтөрүлбө,
Артыксынса башка бирөө.
Алыс качкын андайлардан,
Акылсызга көңүл бөлбө.

Өз жолуңду дайым түздө,
Көңүл бурбай көөдөктөргө.
Акылдуу бол,намыстуу бол,
Жашоо жолу жалгыз бирөө.

## АДАМ БОЛУУ ӨТӨ КЫЙЫН

Мейли сен байлык топто дүйнө жыйгын,
Март болуп баардыгын чач аянбагын.
Баары бир жаңылуу бар,чалынуу бар,
Күн сайын адам болуу өтө кыйын.

Күн сайын өзгөрүлөт сезүү туюм,
Чынында адам болуу өтө кыйын.
Жараткан берген мүнөз бирдей эмес,
Кагышып көңүл калуу кандай кыйын.

Ак пейил ыйман отун сактап жүргүн,
Бийик тут, адамдыктын көтөр жүгүн.
Бирөөгө катуу айтпай жумшак сүйлө,
Анткени... адам болуу өтө кыйын.

## КҮН ЖАҢЫ

Жалын чачса көтөрүлгөн күн жаңы,
Жаркыраса ааламдын нур шамдары.
Жан жаныбар кыбыраган жердеги,
Жаратканга жалпы таазим кылганы.

Көтөрүлүп мемиресе күн жаңы,
Алтын нурун сүйөт адам баарысы.
Каалаганча күн нуруна көктөгү,
Суктанышат миңдеген көз андагы.

Чачыраган күн шооласы батканда,
Чарчагансып түнөгүнө жатканда.
Мээримине бөлөнүшкөн пенделер,
Күтөт таңда күндү жаңы сагына.

Мээримине бөлөп турган дүйнөнү,
Күтөт таңда күндү жаңы дайыма.



## ЖАШАП КЕЛЕМ

Мезгилдерим нур толтуруп
Мээрим төгүп үйүмө
Тагдыр сунган түгөйүмө
Балдарымдын үнүнө
Өчпөстүккө жетелеген
Өмүр көчү сүйүнтө
Жаратканым тəп болсун деп
Төрт кыз берип көрктөнтө
Ортосунда асыл данек
Өсүп келет көбөйө
Эне мээри,ак сүйүүмө
Термелише бөлөнө
Өйдөсү бар, төмөнү бар
Ашуу белес төрүнө
Узун,узун,узак жолдуу
Куруп бийик көпүрө
Багына да,багындырган
Жазмышыма бүгүлө
Жаратлан келген белек
Ыр дүйнөмө төгүлө
Бажырайып башты ийип
Жашап келем жүгүнө.

## ЖАКТЫРДЫМ КЫШТЫ АЯЗДУУ

Бүгүн да аппак кар жаады,
Айлана жаңы,күн жаңы.
Каш,кирпик аяз муз болгон,
Жактырдым кышты аяздуу.

Апапак айыл таңдары,
Тартуулайт жарык маанайды.
Нугуна жалтаң муз тоңгон,
Жактырдым кышты аяздуу.

Карасам өзөн,талааны,
Темгил жок аппак адыры.
Өзгөчө көркөм көрүнөт,
Ак калпак карлуу тоо башы.

Айылдын «Чоң суу», «Сай»жагы,
Керемет сырлуу агымы.
Шурудай муздар тизилип,
Жаркырайт кыштын баяны.

Сампарлап жааган кар шаңы,
Көтөрөт көңүл санааны.
Аруулайт пейил,ыйманды,
Аяздуу кыштын шамдары.

## ЖАЗ ЖАНА КҮТҮҮ

Санааларда ачылалбай... чачылбай,
Көөдөнүмдө черим турат жазылбай.
Жашыл бүчүр келбетинди күттүрүп,
Кечиктиң го, келберсиген жазым ай.

Сумсайышат сур булуттар агарбай,
Кайда асман,кайда сүйгөн жазым ай.
Кусалыктан арылалбай буулугам,
Кечиктиң го, келчи көктөм жазым ай.

Кечикпечи, келчи жазым сагынтпай,
Кыштын ызгаар күндөрүнө кол булгай.
Жан дүйнөмө ырахатты алайын,
Жаз жыттанган жамалыңдан жазым ай.

Көп күттүргөн көркөмүңө бөлөнө,
Нур жаадырсаң өлчөсү жок өмүргө.
Жаркылдайын жаш баладай эрээркеп,
Жазым сенин мээримиңе чөмүлө.

Жол боюнда дарак бактар бүрдөсө,
Жоогазындар бажырайып гүлдөсө.
Жагалмайдай канат байлап учайын,
Жакшы бир ыр жазып алып сүйүнө,
Жазым сенин... мээримиңе бөлөнө.

## ЖАЗ ТӨРӨЛДҮ, ЖАЗ МЫНА

Жаз төрөлдү,
Жаз мына,
Кубангыла,тоскула,
Кош канатын каккылап,
Каркыралар сапарда,
Жаздан кабар айткандай,
Жаз көктөмгө үн сала.

Жаз төрөлдү,
Жаз мына,
Кучак жайып тоскула,
Кан тамырлар балкылдап,
Кубангыла бакылдап,
Мээрим төгүп күн нуру,
Жаңыланат туш тарап.

Төрөлгөн жаз өпкүлөйт,
Теребелди кучактап,
Анын жылуу деминен,
Жер энеде салтанат,
Муздар эрип тамчылап,
Обон созуп,күү чалып,
Булак жөнөйт шылдырап.

Жазда кайра жаралуу,
Жер энеде жашаруу,
Жайнап өмүр,тирүүлүк,
Жаңырышат жагымдуу,
Жаз төрөлдү,
Жаз мына,
Кубангыла,тоскула!

## НООРУЗ МАЙРАМ, ЖАЗ МАЙРАМ

Нооруз майрам, жаз майрам,
Жоодураган гүл майрам.
Көктөм жыттуу эл күткөн,
Сүмөлөктүү дил майрам.

Күн күркүрөп чагылган,
Жер жарылып көк чыккан.
Сумсайыңкы бак дарак,
Бүчүр байлап назданган.

Арча жагып апалар,
Аласташат камына.
Аруу тилек бак сурайт,
Улуу кыргыз калкына.

Ак калпактуу аталар,
Ак сакалын жайкалта.
Ак батасын арнашат,
Улуу Манас калкына.

Нооруз майрам, жаз майрам,
Сый урматка мол майрам.
Куттуу болсун оо калкым,
Берекелүү жаз майрам,
Сүмөлөктүү дил майрам.

## ЖАЗ ТӨРӨЛДҮ, ЖАЗ МЫНА

Жаз төрөлдү,
Жаз мына,
Кубангыла,тоскула,
Кош канатын каккылап,
Каркыралар сапарда,
Жаздан кабар айткандай,
Жаз көктөмгө үн сала.

Жаз төрөлдү,
Жаз мына,
Кучак жайып тоскула,
Кан тамырлар балкылдап,
Кубангыла бакылдап,
Мээрим төгүп күн нуру,
Жаңыланат туш тарап.

Төрөлгөн жаз өпкүлөйт,
Теребелди кучактап,
Анын жылуу деминен,
Жер энеде салтанат,
Муздар эрип тамчылап,
Обон созуп,күү чалып,
Булак жөнөйт шылдырап.

Жазда кайра жаралуу,
Жер энеде жашаруу,
Жайнап өмүр,тирүүлүк,
Жаңырышат жагымдуу,
Жаз төрөлдү,
Жаз мына,
Кубангыла,тоскула!

## НООРУЗ МАЙРАМ, ЖАЗ МАЙРАМ

Нооруз майрам, жаз майрам,
Жоодураган гүл майрам.
Көктөм жыттуу эл күткөн,
Сүмөлөктүү дил майрам.

Күн күркүрөп чагылган,
Жер жарылып көк чыккан.
Сумсайыңкы бак дарак,
Бүчүр байлап наздаган.

Арча жагып апалар,
Аласташат камына.
Аруу тилек бак сурайт,
Улуу кыргыз калкына.

Ак калпактуу аталар,
Ак сакалын жайкалта.
Ак батасын арнашат,
Улуу Манас калкына.

Нооруз майрам, жаз майрам,
Сый урматка мол майрам.
Куттуу болсун оо калкым,
Берекелүү жаз майрам,
Сүмөлөктүү дил майрам.

## ПУШКИНДИН КАСИЕТТҮҮ КАЙЫГЫНДА

Деңиз окшош булуттуу көк үстүндө,
Кетип бара жаткансыйм толкун жиреп.
Ак толкунга арбалган кыял күүсүн,
Аралатып чертсем дейм нур себелеп.

Ак булуттар суктанып сырдуу тиктеп,
Акак нурлуу кыялды иргейт, иргеп.
Жомоктогу балыкчы кемпириндей,
Көптү эңсеп кур жалак калбагын деп.

Көкөлөтүп бир кезде ойлорумду,
Көл сыяктуу көшүлгөн муза нурду.
Балыкчы чал кемпирдин жомогу эмес,
Жел кайыгы Пушкиндин коштоп турду.

Мемиредим... кайыкта термелемин,
Мекеним деңиз болуп бүгүн менин.
Тармалы толкундардын кызыктырып,
Табихат сырын, ырын коштойт сезим.

Буулуккан жан дүйнөмдүн туйгуларын,
Буулугуп айтып деңиз толкунуна.
Бүгүн бир черден чыгып жеңилдедим,
Пушкиндин касиеттүү кайыгында.

## ЖҮРӨТ ДЕБЕ

Бирге жашап жүрөт дебе бир аял,
Ал жарыгың, үйдүн куту от шамың.
Асмандагы тийип турган күн сымал,
Ал жарыгың, ал чырагың, кыйбасың.

Бирге жашап жүрөт дебе бир аял,
Ал энеси балдарындын канаты.
Мээрим төгүп кучак жаят күнүгө,
Мээнеттенип калбаса да кубаты.

Бирге жашап жүрөт дебе бир аял,
Ал мундашы күйүп жанган сырлардын.
Калем кармап түн бир оокум уктабай,
Издеп жүрөт салмактуусун ырлардын.

Бирге жашап жүрөт дебе бир аял,
Ал жөнөкөй аял эмес ал акын.
Аста шилтеп арасында мезгилдин,
Бара жаткан ал «жашамал»бир акын.

Жаша, жаша, жаш өткөнчө сыйлашкын,
Ал мундашың, өмүрлөшүң, кымбатың.
Карапайым көрүнсө да турушу,
Ачыла элек...сырлары бар,
Ал «жашамал»... а ырлары «жаш» акын.



## АКЫНГА

Ыр жазсаң ыргагынан обон аксын,
Кыялкеч адамдарды талдап тапсын.
Аздектеп аруу пейил сезимдерге,
Деминен эргүүлөрдүн шаңы жансын.

Ыр жазсаң саптарында баары болсун,
Ак барак акыл сөзгө толуп турсун.
Дартына дабаа таппай жүргөндөргө,
Ырыңдын сыйкырлары дары болсун.

Түн бакыр, уктабастан ырды баккын,
Түрмөктөп түрлөрүнүн түсүн тапкын.
Таңдагы чолпон сымал жанып турган,
Тамшанып окугандай ырды жазгын.

Ыр жазсаң ай, жылдыз, күндүн таңын,
Кыялды черткилеген сүйүү жазгын.
Ардактап, бапестелип ар бир үйдө,
Адамзат жүрөгүнөн орун тапсын.

Ырыңда улуу Манас атабыздын,
Даңктагын Ала тоосун, ак калпагын.
Ак сакал, ак элечек апалардын,
Ак пейил, аруу тилек баталарын.

Ырларың түркүн түстүү гүл жыттансын,
Ырларың өмүрлөрдүн шамын жаксын.
Элиңдин купулуна толуп турган,
Керемет,касиеттүү ырга айлансын.

## КАРА ТУМАН

*(Дача-су айылында курман болгон боордошторго)*

Кара туман...таң агарып атаарда,
Учак түштү «ажал» чачып кайрыла.
Жылуу төшөк, таттуу уйкудан тургузбай,
Алып кетти далай жанды каппыра.

Таймашалбай кырсык менен ал таңда,
Үн чыгарбай башты ийип ажалга.
Узап кетти шейит болуп өмүрлөр,
Кол булгалап кош айталбай жалганга.

Эңсеп жатып ширин ойдо уктаган,
Кыялданып бир чоң шаарды курушкан.
Кучакташкан бойдон кетти жаш бүлө,
Топуракка жуурулушуп жалгандан.

Соолуп калды бүчүр гүлүн ачалбай,
Соолуп калды мөмө шагын бералбай.
Кечээ эле көр тирлик деп жүгүргөн,
Өчтү үнү бир боорлордун кантем ай.

Жүрөк ыйлайт, жан дүйнөмдө будуң чаң,
Боздогон ый, көз жаш тыңбай куйулган.
Оо жараткан азайта гөр суранам,
Кара туман...кайгы күүсүн каптаган.

***Бишкек шаары. 16.01.2017.***

## КАЗАК, КЫРГЫЗ БООРДОШ ЭЛ

Өңү да бир, дили да бир, тили бир,
Пейли да бир, ыйманы бир, дини бир.
Алмустактан ата баба калтырган,
Каада салттуу кадыры бир, наркы бир.

Эчен, эчен жоонун демин басышкан,
Эрдиктери дастандарга жазылган.
Кыйын кезде  жөлөп таяп дайыма,
Эки эгиздей бирин бири багышкан.

Жуп булактай аска зоодон агылган,
Кош жылдыздай тээ ободон жаркыган.
Ырыс куту ынтымагы шиpелген,
Казак, кыргыз боордош эл бир тууган.

Өрөөндөрү,  өзөн, суусу кошулган,
Тал, тереги жанаша бүрдөп турган.
Ак элечек, ак калпак кыргыз калкым,
Колун сунуп боордошуна күйүп турган.

Бирин бири колдошуп кубанышкан,
Бөлөк эмес бүтүндөй жуурулушкан.
Кең пейилдүү алпейим кыргыз калкым,
Жакшылыкты казагына каалап турган.

Комуз күүсү булбулдай таңшып турган,
Домбырасы шаңдантып сайран курган.
«Кара жорго» бийине эргип түшүп,
Өлбөс өчпөс достукту орнотушкан.


## БИР КҮНҮҢ БАР

Таң атса күндүн батып кетмеги бар,
Күн батса түндүн кирип келмеги бар.
Мезгилдерге айланып айлар,жылдар.
Мергенчинин огундай учмайы бар.

Кубанычтын күлкүсү шандары бар,
Күйүт толгон өмүрдүн кайгысы бар.
Күмүш күндү аралап кошо жүрчү,
Тагдырына баш ийген өмүрлөр бар.

Кыялдарды коштогон максаттар бар.
Кыйындыкка сынбаган кайрат күч бар.
Түгөнбөгөн түйшүктөр арасында,
Сүйүү деген сыр дүйнө ааламы бар.

Сыр дүйнөнү багынтаар жаштыгың бар,
Жалын кезди жашыраар  улгайуу бар.
Арасында билинбей оо адамзат,
Кара жерди жазданаар бир күнүң бар.



## СЫРДУУ ҮН

*(А. Осмоновдун айкелине таазим)*

Эрте келем кызматыма жүгүрө,
Таазим кыла айкелиңе жүгүнө.
Узай түшсөм угулгансып сырдуу үн,
Күтүнөөрүн күндө менден ыр дүйнө.

Сырдуу үндүн сыйкырына термеле,
Келе берет ыр саптары тизиле.
Талантыңдын таасиринен жаралган,
Ыр дестемди коюп өтөм кетеерде.

## КЫРГЫЗЫМДЫ ДАҢКТАЙМЫН

Кызы болом кыргыздын,
Энесимин уул кыздын.
Эргитип ыр жаздырган,
Ээси болом таланттын.

Изденемин, иргеймин,
Салмактуусун бийигин.
Калың элге берсем дейм,
Каймактарын ырымдын.

Талпынамын учамын,
Талбай эмгек кыламын.
Кыйарып жашым өткөнчө,
Кыргызымды даңктаймын.

## СЫРДУУ ҮН

*(А. Осмоновдун айкелине таазим)*

Эрте келем кызматыма жүгүрө,
Таазим кыла айкелиңе жүгүнө.
Узай түшсөм угулгансып сырдуу үн,
Күтүнөөрүн күндө менден ыр дүйнө.

Сырдуу үндүн сыйкырына термеле,
Келе берет ыр саптары тизиле.
Талантыңдын таасиринен жаралган,
Ыр дестемди коюп өтөм кетээрде.

## КЫРГЫЗЫМДЫ ДАҢКТАЙМЫН

Кызы болом кыргыздын,
Энесимин уул кыздын.
Эргитип ыр жаздырган,
Ээси болом таланттын.

Изденемин, иргеймин,
Салмактуусун бийигин.
Калың элге берсем дейм,
Каймактарын ырымдын.

Талпынамын учамын,
Талбай эмгек кыламын.
Кыйарып жашым өткөнчө,
Кыргызымды даңктаймын.

## ЫР ЖАРАЛААР

Ырлар болду муңайганда муңдашым,
Ырлар болду ажырабас курдашым.
Аттиң, дедим өкүнүчтүү баш чайкап,
Неге мынча кеч жолуктуң сырдашым.

Мурда неге издешпедик эгиздей,
Тагдыр жолун чогуу тосуп чегинбей.
Атаганат… алда качан жолуксак,
Балким жанмак жаштык ыры перидей.

Жаштык өтүп жалын оттор өчкөнсүйт,
Күлгүн кездин каткырыгы бүткөнсүйт.
Калем алып кайра,кайра жазсам да,
Жалыны жок алсыз ырлар жүргөнсүйт.

Ооба, сезем алсыз саптар арбындай ,
Кабак бүркөп бирок ага жабыкпайм.
Кан тамырдан дүргүп чыгып бир күнү,
Калкым үчүн ыр жараалар ашыкпайм.

Жараткандын бергенине табынам,
Кеч болсо да шыпаасына жалынам.
Качандыр бир обологон ойлордон,
Ыр жараалар жүрөктөрдү сагынткан.

## ӨТҮНҮЧ

Оргуп чыгып ырларым,
Обон созуп жыргадым.
Оңой эмес жашоодо,
Өчпөй тирүү турамын.

Арзып чыгып ырларым,
Ар таңында күн,айдын.
Алоолонгон жашоонун,
Аралында турамын.

Жаадырадым жыргадым,
Жакындарым ынагым.
Жалындаган өмүрдүн,
Жарымында турамын.

Өрнөктүү өмүр сүрүүгө,
Ырдын гүлүн терүүгө.
Талбай иштеп күн түнү,
Бар күчүмдү жумшадым.

Күнөөлөбөс окушаар,
Куйуп төккөн сырымды.
Күмүш, алтын ордуна,
Күндөй жанган ырымды.

Айыптабас айтышаар,
Айтып жазган ырымды.
Аз күнчөлүк өмүргө,
Калган ушул изимди.

Урпактарым,чырагым,
Усул кебим тыңдагын.
Чымын жаным үзүлсө,
Чыйырымды улагын.

Чындыгы аз жалганда,
Ынтымактуу жашагын.
Өмүр деген шамалдай,
Токтоп турбайт байкагын.

Ушул менин айтаарым,
Сыйлашкыла балдарым.
Утурумдук жашоого,
Ураан тутуп алгыла,
Энеңердин айтканын.

## КОШТОШУУ

Жылып жылдар жылганына капамын,
Оо жашчылык,караанына кадалдым.
Жашоо кызык, турмуш жыргал экенин,
Жаңы гана сезген кезде... узадың.

Өзгөрүлүп турмуш турбай ордунда,
Өлчөөсү жок өткөн экен чынында.
Өрт мезгилдер келбейт тура кайрылып,
Өзөлөнүп айткан менен... не пайда.

Миң кубулуп, миң түрлөнүп турсам да,
Айдай жүздөр, оттуу көздөр башкача.
Жайлоодогу шуудурумдөй мөлт этип,
Оо жашчылык, кетипсиң го алыска.

Талаша албайм, мезгилиме багынам,
Ойлор туман, артка чындап кайрылсам,
Бошко кетип калган сымал ай жылдар,
Көөдөн жарган бир суроого арбалам.

Кээде туйуп, кээде сезбей өткөргөн,
Байоо мүнөз балалыкты сагынам.
Качан болсо кадыры артык көрүнгөн,
Оо жаштыгым, эми сага баралбайм.

Кош жаштыгым, кошо баскан каткырып,
Колтуктапсың, жетелепсиң шаштырып.
Күндөй күлүп талант, шыкка эргиткен,
Кыялдарды койдуң мына кыскартып.

Коштошойун, кош бол эми кайгырбайм,
Картайуу да парз экенин кабылдайм.
Аткарылбай калган асыл ойлорду,
Уул, кызыма, небереме табыштайм.
Кош бол жаштык, бар барагой кайгырбайм.

Чындыгы аз жалганда,
Ынтымактуу жашагын.
Өмүр деген шамалдай,
Токтоп турбайт байкагын.

Ушул менин айтаарым,
Сыйлашкыла балдарым.
Утурумдук жашоого,
Ураан тутуп алгыла,
Энеңердин айтканын.

## КОШТОШУУ

Жылып жылдар жылганына капамын,
Оо жашчылык,караанына кадалдым.
Жашоо кызык, турмуш жыргал экенин,
Жаңы гана сезген кезде... узадың.

Өзгөрүлүп турмуш турбай ордунда,
Өлчөөсү жок өткөн экен чынында.
Өрт мезгилдер келбейт тура кайрылып,
Өзөлөнүп айткан менен... не пайда.

Миң кубулуп, миң түрлөнүп турсам да,
Айдай жүздөр, оттуу көздөр башкача.
Жайлоодогу шүүдүрүмдөй мөлт этип,
Оо жашчылык, кетипсиң го алыска.

Талаша албайм, мезгилиме багынам,
Ойлор туман, артка чындап кайрылсам,
Бошко кетип калган сымал ай жылдар,
Көөдөн жарган бир суроого арбалам.

Кээде туйуп, кээде сезбей өткөргөн,
Байоо мүнөз балалыкты сагынам.
Качан болсо кадыры артык көрүнгөн,
Оо жаштыгым, эми сага баралбайм.

Кош жаштыгым, кошо баскан каткырып,
Колтуктапсың, жетелепсиң шаштырып.
Күндөй күлүп талант, шыкка эргиткен,
Кыялдарды койдуң мына кыскартып.

Коштошойун, кош бол эми кайгырбайм,
Картайуу да парз экенин кабылдайм.
Аткарылбай калган асыл ойлорду,
Уул, кызыма, небереме табыштайм.
Кош бол жаштык, бар барагой кайгырбайм.

## АЛСЫЗ БОЛБО

Мейли уккун, жаман тилге бозоргун,
Бул турмушта болуш керек өз ордуң.
«Кыйынсынган», «кыйыктардан» алыстап,
Ээрчимелик сезимдерден бошонгун.

Алсыз десе арданбагын чыйралгын,
Мококтуктун алып ыргыт пардасын.
Тике карап чындык сөзгө ар дайым,
Адамдыктын туусун бийик кармагын.

Тагдыр татаал чарчабагын,талбагын,
Келечектин кенен жолун тандагын.
Көр байлыктын тузагына чалынбай,
Ыйманыңды таза күтүп жашагын.

## АЛКЫШ АЙТАМ

Алкышты сууруп чыгып жүрөгүмдөн,
Айтамын асылдарым ата - энеме.
Турмуштун түрдүү тилин үйрөтүшкөн,
Айтамын мектептеги ага эжейге.

Алкышты айткым келет чын пейилден,
Кайын журт акылманым кайынэнеме.
Жаркырап мээрим төгүп тосуп алчу,
Жакындарым ага ини эжекеме.

Алкышты айткым келет чын дилимден,
Ак жоолук башка салган ал күнүмө.
Күнүгө бакыт каалап колдоп турган,
Балдарымдын атасы өмүрлөшкө.

Алкышым ыйык таза Ата журтка,
Аска зоо, ак калпактуу тоолорума.
Өмүргө из калтыр деп илхом берген,
Алкышым дайым бийик жаратканга.

## БИРӨӨ ЖҮРӨТ

Бирөө жүрөт
ой-тоону айтып,
тили менен
алтын казып,
бирөө жүрөт
мээсин чагып,
саясатты
сайрап айтып,
анын менен
ишим да жок,
олтурамын
ырлар жазып.

Бирөө жүрөт
таңда шашып,
бирөө жатат
уктап сасып,
а бирөөлөр
жандалбастап,
шыбырашат
ушак айтып,
анын менен
ишим да жок,
олтурамын
ырлар жазып.

Бирөө жүрөт
жагалданып,
кошоматты
коздоп айтып,
а бирөөлөр
кылтындашып,
белектерин
үзбөй ташыйт.

**байлыгың да,**
**бийлигиң да,**
**кызыктырбайт**
**баары бир,**
**анын менен**
**ишим да жок,**
**олтурамын**
**ырлар жазып,**
**ойдо терең**
**ыргалып,**
**керегине**
**кыргызымдын,**
**жарасам деп**
**кубантып.**

****** ******** ******

Тоолор, тоолор мени чакырып,
Жолдор, жолдор, чексиз агылып.
Жараланган назик дүйнөмдө,
Ырлар ыйлайт жазбай жазылып.

Жел аргыдай шамал азгырып,
Жетелешип сылайт акырын.
Жетимсиреп турган көңүлдү,
Желпип өтөт улам шаштырып.

Жашыл талаа, тоолор алыстай,
Жолдор чексиз басам шашылбай.
Көөдөндөгү сырдуу жаңырык,
Көмүскөдө калды ачылбай.
Жашыл талаа, жаштык алыстай

## ТУРМУШ САПТАРЫ

Өмүр чиркин өтпөйт дегем бир кезде
Өксүү билбей ойноп күлүп ал кезде.
Ой кырларын турмуш койду көргөзүп,
Оо өмүр сен, кымбат белең билгенге.

****** ******

Өмүр дайра токтобостон агылган,
Өжөрлөнүп тагдыр менен кармашкан.
Кадырына жете билсең өмүрдүн,
Калканч болуп коргойт сени жамандан.

****** ******

Өмүр билсең өлүм менен чектелбейт,
Өрнөктүү иш өтөп кетсең ченелет.
Акыл менен аргымактай жүгөндө,
Асыл ойдун берметтери керемет.

****** ******

Билбей көптү бийиктикке чыкпайсың,
Билсең көптү кыйналбастан жашайсың.
Акыл,билим бир тамчыдан куралат,
Аны билген адамда бар күч кубат.

****** ******

Дилиң болсо күйүп жанып тураарсың,
Диниң болсо ыйман оттуу тумарсың.
Жакшылыкка кадам таштап алдыга,
Алкыш менен жарык жашоо кураарсың.

****** ******

Канбай жүрүп жалынына жаштыктын,
Каталыктар көп кетиптир байкасам.
Ошол кездин от күнүнө азгырык,
Ойрондолуп кеткен тура убакыт.

****** ******

Ар пенденин жүрөгүндө дарты бар,
Аны сезбейт дени таза башкалар.
Аруулуктун жалгыз гана дарысы,
Алла жолу, ыйман оту адамдар,

****** ******

Ыйык куран баркын баары сезишсе,
Ыраат менен окуп аны билишсе.
Бөпөлөсө ар бир аят саптарын,
Бөлөнүшөт күн нурундай мээримге.

****** ******

Адал болуп ар ишке түз карагын,
Арамдыктын арты жаман байкагын.
Чындык,калпы аралашкан замандын,
Чырмоогунан алыс таза жашагын.

****** ******

Ата баба сөзүн бийик баалагын,
Асылдыктын жибин бекем кармагын.
Сан түрлөнгөн адамдар көп жалганда,
Арасында тебеленип калбастан,
Ар намыстуу атуул болуп жашагын.

****** ******

Аккан суулар артка кайра агышпайт,
Ансыңары өмүр дагы кайрылбайт.
Манчыркабай байлык менен бийликке,
Мааниси бар өмүр сүргүн адамзат.

# АРНАЙМ ЫРДЫН ГҮЛДӨРҮН

## ОО АКЫН, ЫРДЫН ПИРИ

*(Улуу акын, котормочу, А.Осмоновдун жаркын элесине)*

Кылымдын жарымы ооп алмашаарда,
Караңгы ай жарыгы шам жагаарда.
Элестер көрүнбөгөн алсыз шоокум,
Жетелеп бараткансыйт сыр ааламга.

Мезгилдер жыл, айларды коштоп алып,
Аралык өмүр кайгы, күлкү артынып.
Түшүмбү же өңүмбү сезбей барам,
Сыр дүйнө агымына аралашып.

Качанкы сапар тарткан таанышымдай,
Кол булгап күтүп турган кыйбасымдай.
Оо өмүр, аралык бар тосуп алчу,
Сен жашсың а мен мында улгайгандай.

Ойумду оргуштаган жыйнай албай,
Олтурам ойдо терең чабалактай.
Оо акын, ырдын пири Алыкулум,
Ыр түрмөк түрсөмбү деп өзүңө арнай.

Энелик мээримимди чачсамбы дейм,
Энелик жүрөгүмдү ачсамбы дейм.
Кемиген кемтигиңе жараткандан,
Бейиштин бейпилдигин сурасам дейм.

Жарыгын көздөрүмдүн берсемби дейм,
Жалынын сөздөрүмдүн терсемби дейм.
Жагылып жалындабай өчүп калган,
Жаштыкты кайра өзүңө берсемби дейм,

****** ******

Ар пенденин жүрөгүндө дарты бар,
Аны сезбейт дени таза башкалар.
Аруулуктун жалгыз гана дарысы,
Алла жолу, ыйман оту адамдар,

****** ******

Ыйык куран баркын баары сезишсе,
Ыраат менен окуп аны билишсе.
Бөпөлөсө ар бир аят саптарын,
Бөлөнүшөт күн нурундай мээримге.

****** ******

Адал болуп ар ишке түз карагын,
Арамдыктын арты жаман байкагын.
Чындык,калпы аралашкан замандын,
Чырмоогунан алыс таза жашагын.

****** ******

Ата баба сөзүн бийик баалагын,
Асылдыктын жибин бекем кармагын.
Сан түрлөнгөн адамдар көп жалганда,
Арасында тебеленип калбастан,
Ар намыстуу атуул болуп жашагын.

****** ******

Аккан суулар артка кайра агышпайт,
Ансыңары өмүр дагы кайрылбайт.
Манчыркабай байлык менен бийликке,
Мааниси бар өмүр сүргүн адамзат.

# АРНАЙМ ЫРДЫН ГҮЛДӨРҮН

## ОО АКЫН, ЫРДЫН ПИРИ

*(Улуу акын, котормочу, А.Осмоновдун жаркын элесине)*

Кылымдын жарымы ооп алмашаарда,
Караңгы ай жарыгы шам жагаарда.
Элестер көрүнбөгөн алсыз шоокум,
Жетелеп бараткансыйт сыр ааламга.

Мезгилдер жыл, айларды коштоп алып,
Аралык өмүр кайгы, күлкү артынып.
Түшүмбү же өңүмбү сезбей барам,
Сыр дүйнө агымына аралашып.

Качанкы сапар тарткан таанышымдай,
Кол булгап күтүп турган кыйбасымдай.
Оо өмүр, аралык бар тосуп алчу,
Сен жашсың а мен мында улгайгандай.

Ойумду оргуштаган жыйнай албай,
Олтурам ойдо терең чабалактай.
Оо акын, ырдын пири Алыкулум,
Ыр түрмөк түрсөмбү деп өзүңө арнай.

Энелик мээримимди чачсамбы дейм,
Энелик жүрөгүмдү ачсамбы дейм.
Кемиген кемтигиңе жаратkандан,
Бейиштин бейпилдигин сурасам дейм.

Жарыгын көздөрүмдүн берсемби дейм,
Жалынын сөздөрүмдүн терсемби дейм.
Жагылып жалындабай өчүп калган,
Жаштыкты кайра өзүңө берсемби дейм,


Кыялап кырлар ашып жүгүрсөм дейм,
Кыпкызыл ай гүлдөргө өрүлсөм дейм.
Кыр ашып бара жаткан отуз жашты,
Кайтарып  кайра өзүңө жөнөтсөм дейм.

Өмүрдү өлчөөсү жок көбөйтсөм дейм,
Өксүктү өчөшкөндөй бөгөсөм дейм.
Өрчүбөй токтоп калган жаз майрамын,
Өрчүтүп оо акыным, түрлөнтсөм дейм.

Акактай саптарыңды окушса дейм,
Акылга түйүп аны алышса дейм.
Армандуу өтүп кеткен акын ырын.
Ардактап сүйүп, күйүп сакташса дейм.

Тагдырың тарых беттен түшпөсө дейм,
Тамчысы дайра көлдөй төгүлсө дейм.
Талантың тамшандырып далай жанды,
Жан дүйнө азыгына айланса дейм.

Оо акын, ырдын пири Алыкулум,
Талантың өчпөс оттой жашаса дейм.



# АКЫН ӨСКӨН АЙЫЛЫНА СУКТАНДЫМ

*(Акын А.Осмоновдун-100 жылдыгына)*

Бактылуумун бакытыма чек жоктой,
Тосуп алды Каптал-арык достордой.
Кучак жайган алп акындын жерине,
Кубанычтан толкундадым ободой.

Теректери термелишет баш ийкей,
Булактары мөлтүрөшөт эрээркей,
Бир азыраак желпилдеген желдери,
Шыбырашат кош келипсиң дегендей.

Дасторконун кенен жайып ийилген,
Келинчектер кооз шөкүлө кийинген.
Боз уландар бапырандап жүгүрүп,
Ак калпакчан эр көкүрөк керилген.

Каптал-арык жер экенсиң ажайып,
Алыкулдун ырларындай нурланып.
Ак боз атчан «Отуз жашын» ээрчитип,
Акын кырда турса керек жылмайып.

Акын жуткан аба, суудан дем алып,
Ак пейлине элдеринин кубандым.
Айтып бүткүс эргүүлөрдө толкундап,
Ажайып кооз айылына суктандым.

## «ӨЗГӨЧӨ»- ИЗ КАЛТЫРДЫҢ

*( таякем Беганас Сартовго-70 жыл )*

Өмүрдүн өксүгүндөй бир келипсиң,
Өткөн күн добулундай кайра кеттиң.
Жаштыгың мезгилдердин пири болуп,
«Өзгөчө» - чыгармага өмүр бердиң.

Жаркырап жылдыз болуп жаныптырсың,
Ааламын көк теңирдин тааныптырсың.
Көркөмдөп жан дүйнөңдө көкөлөтүп,
Сыйкырын Ай, жылдыздын ачыптырсың.

Жашырып тарлангансып тагдыр сени,
Кыялга толуп турган жаштык демди.
Кызганып бул жалгандан алса керек,
«Өзгөчө» - ыр дүйнөнүн мураскери.

Кыялдар, эңсөөлөрүң көктө учуп,
Парадын жылдыздардын күйүп, сүйүп.
Кыдырып Марс, Планета, Күн деңизин,
Калтырдың фантаст дүйнө түркүн, түркүн.

Ажайып Ай, жылдызга терең сүңгүп,
«Мамыры гүлдөп өскөн»- жайга кеттиң.
«Өзгөчө»-өткөн изиң эл ичинде,
Өчпөгөн жылдыз болуп жашайт бүгүн!

## ӨЧПӨС ӨМҮР БАКТЫСЫ

*(акын, сатирик Мидин Алыбаевдин 100 жылдыгына)*

Ырларың тирүү жандай Мидин ага,
Аралап калк арасын бөлөйт нурга.
Эскерип, эскеришет сиз жөнүндө,
Замандаш залкарларың айтып муунга.

Көтөрүп көпчүлүктүн көңул шаңын,
Көңтөрүп талантыңдын ышкыларын.
Аз өмүр сүрсөң дагы Мидин ага,
Калтырып кетиптирсиң каймак,майын.

Кумүштөй сөз байлыгын, ыр байлыгын,
Күлкүнүн тундурмасын, кымыз даамын.
Бар жокко кайыл болуп Мидин ага,
Калкыңа арнаптырсың асылдарын.

Көрктөнтүп поэзия, ыр дүйнөсүн,
Көбүртүп мурчту кошуп калк мүдөөсүн.
Тайманбай «халтурщик» «халтуранын»
Көтөрүп ачыптырсың чүмбөттөрүн.

Өмүрдүн келген, кеткен аздек күнүн,
Өзүңө сезилбеген баалуу жүгүн.
Оо анда, асыл ага билдиң бекен,
Өчпөс өмүр бактысы - өлбөстүгүн.

Бүтүндөй болуп кыргыз сүймөнчүгү,
Кетсең да аз өмүрлүү, саз дүйнөлүү.
Жөнөкөй эл атынан айткым келди,
Рахмат! - мурасыңа түбөлүктүү.

Байдылда, Райкандар болуп жолдош,
Күпүлдөп ыр окушуп көчө бойлоп.

Жаңыртчу экенсиңер бульвар,парктты,
Ыр менен шаңга бөлөп,гүлгө ороп.

Анан да жаркын элес айлангансып,
Жүргөнсүйт Соң- Көл үстүн байыр алып.
Сезилет, сезем чындап духуңузду,
Толкундар арасынан карагансып.

Сиз менен сыймыктанып мен түздөнөм,
Ак кагаз бетине ыр жөрмөлөтсөм.
Акмалап ошол толкун тамчысына,
Айлансам деген тилек, деген мүдөөм.

Кубанып ушул келген дараметке,
Куттук ыр жазгым келди маарекеңе.
Пейли ак, дили таза Мидин ага,
Ушул ыр болсун белек элесиңе.

Оо ага, Мидин ага, асыл ага,
Мурч сөздүү, курч мүнөздүү акын ага.
Калайык калың элдин шумкарысың,
Көкөлөп учуп жүргөн асман,айда.

Оо ага, Мидин ага, асыл ага,
Өзүңдөй акындар аз элиң капа.
Бетке айткан темир мүнөз,жалын сөздүү,
Чыга элек азырынча кыргызында.

Оо ага, Мидин ага, асыл ага.
Соолубас өмүр берген сатирага.
Куяндай,жел жетпеген курч саптарың,
Кубат, күч, эргүү берет акындарга.

Таланттуу, тунук акыл асыл ага,
Тайманбай эл көйгөйүн ачкан ага.
Эчен жыл, эчен кылым алмашса да,
Элесиң жашайт кыргыз ааламында.

## КҮН АКЫНЫ

*(акын Ж. Мамытовдун жаркын элесине)*

Мейкиндикте учуп айланган,
Нур сыяктуу жанган Күн акын.
Мезгил менен жылган таймашта,
Мээнетиңе аалам багынсын.

Куюлушуп күндөр шыркырап,
Бараткандай айга зымырап.
Кометалар жайнайт өчпөгөн,
Сен жашаган жылдар жаркырап.

Тирүүлүктүн болуп малайы,
Биз жүрөбүз жерде кыбырап.
Бүтүргөн да бүтпөй жазылган,
Чачыраган ырлар жыбырап.

Көктө бийик тиктейт Күн акын,
Күлмүң көзү күтүп кылымдын.
Учкундары иргеп жаткансыйт,
Учкул сөздүү ырдын мыктысын.

Сүрдүү элес,сүйкүм нурланган,
Бир кудурет ээрчийт кубулган.
Ич туюмум үнсүз кубаттайт,
Бул ишеним кайдан жаралган.

Бул ишеним миллиард замандан,
Тирүүлүктөн агып жыйылган.
Кайталанып тынбай каккылайт,
Көөдөнүмдү акын»Формулаң».

«Формулаң»-бул бийик ишеним,
Өлбөстүккө калчу station издери.
Миң түрлөнүп нуру төгүлгөн,
Ыр дүйнөсү, ырдын бермети.

«Формулаң»-бул жашоо сапары,
Кайталангыс тарых барагы.
Сүйкүм элес,бүтпөс сыры бар,
Күн акыны-сенсиң нур жаңы!!!

## АГАЙЫМА

*(Адабиятчы, филология илимдеринин доктору, академик С.Байгазиевге)*

Олтурасыз баарлашып,
Залкарлар менен сырдашып.
Өзөгүн илим, билимдин,
Өзгөчө иргеп сиз казып.

Өмүр берип узартып,
Өткөкүнө кайрылтып.
Карт тарыхтын каймагын,
Калпыйсыз Агай багынтып.

Нарктуу сөздөн жайнатып,
Жан дүйнөнү байытып.
Кеңеш сурап келгенди,
Узатасыз кубантып.

Илимдин казган кендерин,
Кыргызга арнап эмгегин.
Көбөйсүн Агай көп болсун,
Катары сиздей генийдин.

**СУКТАНАМЫН**

*(Акын, философия илимдеринин доктору К.Сариевага)*

Бир башкача эжеке, бир башкача,
Жан дүйнөңүз мээримдүү аруу таза.
Жаш баладай жаркырап, турганыңыз,
Бир башкача эжеке, бир башкача.

Суктанамын эжеке, суктанамын,
Сулуу дүйнө татына, асылзатсыз.
Сүйүү толгон керемет саптары бар,
Ырларыңа эжеге арбаламын.

Амандыкта эжеке,амандыкта,
Айдай жаркып турса дейм кабагыңыз.
Ак пейилдүү, алпейим жакындарга,
Алоолонгон нур болуп чачыраңыз.

## КЫРГЫЗЫМДЫН КЫРААН КЫЗЫ

*( классташым жазуучу-Кален Сыдыковага )*

Кыргызымда көп кырдуу жазуучусуң,
Кыргызымда сый урматтуу барктуусуң.
Урпактардын саябанын толуктап,
Жазып койдуң тарыхтын салмактуусун,

Албан, албан чыгармалар арнадың,
Алп акындар арасында шаарладың.
Ала тоодой эмгектерди жаратып,
Ата журттун сыймыгысың ардагым.

Кыргызымдын кыраан кызы атандың,
Мүнөзүңдө кыз Сайкалдын кайраты.
Көкөлөтүп кыргыз элдин намысын,
Көч башында өзүң бара жатасың.

Саябаның бийиктесин асманга,
Атың чыксын дүңгүрөтүп ааламга.
Өзүң менен сыймыктанып турушсун,
Кыргызымдын урпактары кылымга.

## СУКТАНАМЫН

*(Акын, философия илимдеринин доктору К.Сариевага)*

Бир башкача эжеке, бир башкача,
Жан дүйнөңүз мээримдүү аруу таза.
Жаш баладай жаркырап, турганыңыз,
Бир башкача эжеке, бир башкача.

Суктанамын эжеке,  суктанамын,
Сулуу дүйнө татына, асылзатсыз.
Сүйүү толгон керемет саптары бар,
Ырларыңа эжеге арбаламын.

Амандыкта эжеке,амандыкта,
Айдай жаркып турса дейм кабагыңыз.
Ак пейилдүү, алпейим жакындарга,
Алоолонгон нур болуп  чачыраңыз.

## КЫРГЫЗЫМДЫН КЫРААН КЫЗЫ

*( классташым жазуучу-Кален Сыдыковага )*

Кыргызымда көп кырдуу жазуучусуң,
Кыргызымда сый урматтуу барктуусуң.
Урпактардын саябанын толуктап,
Жазып койдуң тарыхтын салмактуусун,

Албан, албан чыгармалар арнадың,
Алп акындар арасында шаарладың.
Ала тоодой эмгектерди жаратып,
Ата журттун сыймыгысың ардагым.

Кыргызымдын кыраан кызы атандың,
Мүнөзүңдө кыз Сайкалдын кайраты.
Көкөлөтүп кыргыз элдин намысын,
Көч башында өзүң бара жатасың.

Саябаның бийиктесин асманга,
Атың чыксын дүңгүрөтүп ааламга.
Өзүң менен сыймыктанып турушсун,
Кыргызымдын урпактары кылымга.

## КУБАТ МАГА

*(Апам – Бачик Жумашукуровага )*

Айылдан келгенинде майрам шаңга,
Бөлөнөт үйдүн ичи кубанычка.
Небере тегеректеп кужулдашса,
Кут ээрчип өзүң менен келет апа.

Апаке амандыгың кубат мага,
Мээримдүүсүң дайыма нурдай жана.
Айылдын атыр жытын өзүңдөгү,
Аймалап искей берем кайра,кайра.

Чоң эне,тайэнемин азыр мен да,
Көрөсүң дале бирок жаш балача.
Оорубай жүрөсүңбү каралдым деп,
Үйрүлүп турган кезиң кымбат апа.

Тилектер сиз каалаган бийик мага,
Асманда күн нурундай жарык чача.
Алакан жайып берген батаңыздан,
Агарып келе жатат кызың мына.

Алкыштын арты бүтпөйт алтын апа,
Аман бол,өмүр берсин Алла сага.
Асманда жылдыздардай ак батаңыз,
Чачылсын бүт ааламга,адамзатка.

## КӨП ЖАШАП, ЖҮЗДӨН АШЫҢЫЗ

*( кайын апам- Сакиш Мамбетовага )*

Боюңуз алтын сакадай,
Кайратыңыз даткадай.
Учкул сөздөн узатып,
Көп жашаңыз оорубай.

Басканыңыз камгактай,
Жүргөнүңүз майрамдай.
Айтылган ар бир кебиңиз,
Агымы таза булактай.

Бактылуусуз өмүрдө,
Көңүлүңүз көктөмдө,
Уул, кыздарды өстүрүп,
Урматтуусуз өзгөчө.

Таалайлуусуз өмүрдө,
Талыкпайсыз жүгүрө.
Тегеректеп кубантсын,
Неберелер сүйүнтө.

Кут болсун ушул бактыңыз,
Кыздардын сыйын татыңыз,
Сексен жашты тоготпой,
Жүз деген жашты ашыңыз.

## АК КЫЗЫМ

*(кенжетайым Сезимге )*

Алпештейин айланайын ак кызым,
Ата энеңдин ардагысың жан кызым.
Жашоодогу жакшылыктын баарысын,
Берсе экен деп жаратканга жалындым.

Таттуусуң сен татынакай бал кызым,
Балбылдаган чырагымсың Сезимим.
Жүрөгүнөн чыккан аппак тилегин,
Апаң сага арнап турат жан кызым.

Туу тутаарым туруктуу бол алтыным,
Акыл сөзүн ата энеңдин ук кызым.
Эмгектенип элдин кызы атанып,
Эл жериңдин сыймыгы бол ак кызым.

## БАР БОЛОЛУ, БИР БОЛОЛУ

*(бир туугандарыма )*

Бул жашоого азга келген меймандбыз,
Бир бололу,бар бололу баарыбыз.
Амандыкты жараткандан тиленип,
Бейкут болсун ушул келген бактыбыз.

Сыйлашалы ден соолукта бололу,
Жакшылыкты бирге дайым тосолу.
Жамандыкты берсин бизге азыраак,
Ал кезде да кол сунушуп колдойлу.

Бир туугандар каалар элем баарыңа,
Үйүңөрдөн кут кетпесин чачыла.
Неберелер тегеректеп сүйүнтүп,
Уул,кызыңар сыйлап турсун кашында.

Бешенебиз ачык болсун жаркырап,
Келсин бакыт ар бир үйгө бапырап,
Жакшы каалоо тилектерде жашайлы,
Ак пейилде, ынтымакта жаадырап.

## ӨСӨ БЕР, ИНИМ ӨСӨ БЕР!

*( иним Жумасыдыков Райга арнайм)*

Маңдайында шамы бар,
Жүрөгүндө жалы бар.
Көөдөнүндө оргуган,
Саяктардын каны бар.

Абийир үчүн жаралган,
Инсандык ыйман оту бар.
Көп жыл кылган мээнеттен,
Жаралган бийик багы бар.

Мээрим төгүп адамды,
Күлүп жайнап тосот ал.
Алпештеп сыйлап узатчу,
Адамдык ыйык парзы бар.

Бата менен көгөргөн,
Сарылардын уулу ал.
Кучак жайып кут сунган,
Кең Жумгалдай жери бар.

Кымындайдан кыбырап,
Кырлар ашып келаткан.
Кыялдарын толуктап,
Ишке ашырган иним ал.

Эчен белес, эчен жол,
Эчен эмгек,кайрат мол.
Чодон ата баласы,
Райбек иним эсен бол.

Адамдык улуу наркың бар,
Алганың тетик Жумаң бар.
Ак батадан жаралган,
Акылдуу жетик уул кыз бар.

Куйкум сүйлөп күлдүргөн,
Куудулдук өнөр сенде бар.
Курушпаган кең пейил ,
Айкөл мүнөз дагы бар.

Албан ишке жараган,
Азаматтык жайың бар.
Атанын уулу дедирткен,
Аткарган абзел ишиң бар.

Көк булак, Соң көл ашуу бел,
Кызарт деген жерденсиң.
Кыйындар чыккан айылдын,
Кут конгондун бирисиң.

Айылдын эли барктаган,
Акылың тунук адамсың.
Талантты сыйлап баалаган,
Жан дүйнөң таза жарыксың.

Бала кезден багынткан,
Бизнес деген чөйрөң бар.
Депутат болуп ак үйгө,
Бара турган жөнүң бар.

Сөз дагы чыгат жүрөктөн,
Ыр дагы чыгат жүрөктөн.
Айкөл мүнөз, асылдык,
Чыга бербейт көптөрдөн.

Сөз барктаган иним деп,
Жакшы сөзүм арнадым.
Ата эненин арбагын,
Сыйлаган жансың Райым.

Чодон атам бакылдап,
Чордону эле кеп сөздүн.
Бурганай апам балпайып,
Калысы эле көптөрдүн.

Атанын атын чыгардың,
Энеге алкыш жаадырдың.
Өсө бер, иним өсө бер,
Өрт болуп күйүп тутангын.

Сыймыгысың «Сарынын»,
Сырттанысың баарынын.
Кубанып жүрөм мен дагы,
Кур койбоптур Кудайым.

Каалоо, тилек айтамын,
Бактылуу бол ар дайым.
Өрүшүң өсүп өркүндөп,
Дөөлөт, сый да жашагын,

Кызматыңды эл жерге,
Жасай бергин ардагым,
Берекесин кайрымын,
Бере берсин Кудайым,
Бар бол иним Райым!

## НЕБЕРЕМ КҮНҮМ ЖЫРГАЛЫМ

Жылдыздай жанган жарыгым,
Неберем сары алтыным.
Таптаттуу балдай тилиңден,
Айланат апаң чырагым.

Канатың жайып талпынсаң,
Апалап мени чакырсаң.
Өмүрүм жашоом бүт аалам,
Бакытка толуп баратам.

Көрктөнткөн жашоо кумарын,
Неберем сенсиң улагым.
Ырыска бөлөп үйүмдү,
Ырдаткан сенсиң жыргалым.

Гүлдөткөн эне жүрөгүн,
Гүлзары сенсиң өмүрдүн.
Кулпунткан эне ырларын,
Неберем сенсиң кубатым.

# *КОТОРМОЛОР*

## АПАМА КАТ

*(Казак акыны Кайырбек Шагыр «Домбырага шаң конбаса» китебинен)*

Түн баласы түшүмдө да жүрүшкөн,
Өзүм туулган айылымды сүйөм мен.
Жолго чыксам апам турчу бак тилеп,
Кара боз үй жабыгына сүйөнгөн.

Ал баланды жетелеген бир максат,
Апа сенин тилегиң го акталган.
Кайда жүрсөм жолочумун өмүргө,
Сапар жолум туулган үйдөн башталган.

Кетсем узап жашоо,мыйзам ушу го,
Баратамын үмүт менен казып ой.
Кайда жүрсөм дем,күч берип таяган,
Туулган үйдүн ысык илеп оту гой.

Кабарымды жибербесем бир барак,
Кабак бүркөп тураарың чын санааркап.
Балам жүдөп калбадыбы деп ойлоп,
Саамайыңа түшсө керек бир тал ак.

Сагынычым таркаталбай ыр жазып,
Мен да жүрөм кең калаага арбалып.
Айылыма салбай кеткен бир изди,
Маңдайыма  салгандырмын мен сызып.

Азаптанып баарыбызды өстүргөн,
Эң жөнөкөй карапайым апакем.
Аткарылса менден күткөн жакшылык,
Азаптарың жуулуп кетеер берекем.

Катымды апа аяктайын, бүтөйүн,
Сан миңдеген шамы жанды көчөнүн.
Бала кезим кирсе экен деп түшүмө,
Үмүт менен бал уйкуга жөнөйүн.

***Бишкек. 07.05.17.***

## «БАЛДЫРГАН» ЖАНА БАЛА КЕЗ

*( казак акыны Кайырбек Шагыр «Домбырага шаң конбаса»китебинен)*

Жатканда оролуп ойума,
Кең жайлоо...балалык чагыма.
Бир күнү «турчу» деп таң ата,
Жакындап келди акем жаныма.

Алыстан атайы алдырган,
Керемет сый сунду алдыма.
Үстүндэ кыпкызыл апортту,
Экинчи колунда «Балдырган».

Кубаныч нуру ойноп бетимде,
Келгендей сыр дүйнө сезиле.
Алмадан мурун мен журналга,
Колумду сунганым эсимде.

Зарыгып күтчү элем ар санын,
Кызыгып окугам күн сайын.
Ушул го талантка шык берген,
Алгачкы балалык кадамым.

Таттуу алма бир күндөн ашпады,
«Балдырган»билимге таптады.
Билимден, эмгектен таптым көп,
Алманы жана да башканы.

## ИНАБАТ

*(Кайырбек Шагыр «Домбырага шаң конбаса» китебинен)*

Жыты жыпар, үлбүрөгөн гүл маңдай,
Кыздуу болдук, бакыт өзү бул кандай.
Алаканга салып сени көтөрдүм,
Жүрөгүмдү колума уучтап алгандай.

Нагыз казак кыздарындай акылды,
Инабаттуу болсо экен деп атыңды.
Биз атадык,анан жүрдүк ашыгып,
Тарап өрүп тармал саамай чачыңды.

Өмүрүңдүн нурлуу таңы атканда,
Өркүндөй бер,гүлдөй бергин бакчаңда.
Дастан сага ага болуп барпаңдайт,
А сен болсо карындашсың Дастанга.

Эркелеген кылыгыңа сүйүнүп,
Эркелеп сен күзгү алдында «боенсоң».
Ар таңында оюнчугуң чогултуп,
Бир жыйындын ээси сымал «томпойсоң».

Куурчактарды адемилеп жыйнадың,
Кичинекей «үйүңө» сый кургансың.
Дасмал жайып ак кагаздан алдыга,
Аш бышырып жегиле деп кыйнайсың.

Жок нерсени кыялыңда бар дедиң,
Дарыгердей баарыбызды эмдедиң.
Алып чыгып жомок сүрөт китепти,
Сабак берип окутам деп алексиң.

Баарын өзүм билем деген мүнөздү,
Байкадык биз кичинекей кезинден.
Бирок таттуу» былдырлаган» сөздөрүң,
Аныгыраак чыкпаса да тилинден.

Айланадан көргөнүңдү кайталап,
Алга карай кадам бастың ай санап.
Жакшы адам болуп өссө деп тилеп,
Жаратканга сыйындык биз күн санап.

Көктөмдөгү бүчүрсүң сен бир бутак,
Кубулмалуу табихат бул чоң сынак.
Нагыз адам болуш үчүн бийик тут,
Айкөлдүктү аппак кызым Инабат.

**ТАБЫШУУ**

*( Казак акыны Кайырбек Шагыр «Домбырага шаң конбаса» )*

Кантип гана байкабагам кезинде,
Эч бир жанга «окшобойсуң» дегенде.
Карап калдың саамайыңды сеңселтип,
Мөлтүр көзүң кетти тунуп сезимге.

Жүрөгүңдүн ошол кезин дир эткен,
Оо канча жыл күткөн элем тилеп мен.
Муң жашынган көңүл музу кетти эрип,
Эриндериң сылап өтсө эрдимден.

Кандай көрктүү биз табышкан таттуу чак,
Канча мезгил күттүк эле жабыркап.
Ыйга толгон жүрөгүмдү ырга ороп,
Шайыр болуп оролойун тос кучак.

Тек тымызын сүйүп сени оорудум,
Жалгыз ичтим азабымдын бар уусун.
Башкаларга ыктабаса экен деп,
Сунуп турам ак сүйүүнүн таттусун.

Жүрөгүмдү миңге бөлбө ардагым,
Чындыгында зорго жеттим баалагын.
Башкага эмес мен өзүңө арнаймын,
Махабаттын оттуу ысык жалынын.

*Бишкек. 07.05.17.*

## ТАҢКЫ ЭЛЕС

*(Казак акыны Азамат Акылбеков «Күзгү шөп» китебинен)*

Унутулган бир элес,
Кирдиң сен неге түшүмө.
Карасам саат таңкы беш,
Тургуздуң неге түйшөлтө.

Коштошуп сенден кеткенге,
Ойлонсом көп жыл өтүптүр.
Кайрылып кайра келгенсип,
Жүрөгүм жылый түшүптүр.

Армансың бирок жетпеймин,
Аласың ойдун тынчтыгын.
Тумандап тарап кетпеген,
Түтүнү сымал чылымдын.

Санаага түштүм саргайып,
Элесиң түндү бузганы.
Ошондо гана сезипмин,
Эшикте ызгаар,муз карды.

Сен менен бирге болалбай,
Көөдөндө толо арман бар.
Жымыңдап колдоп алчуудай,
Асмандан тиктейт жылдыздар.

Таң атты, күн да көрүндү,
Белгисиз элес түйшөлттү.
Жүрөккө салып муз жалын,
Карааны бүл,бүл бөлүндү.

***29.05.15 жыл.***

# МАЗМУНУ


*Момунова Г.* Аруу сезим – акыны ........ 3
*Сыдыкова К.* Ак жол сага – Анара! ........ 5
**«Нур төгүлүп бешенемден мөлтүрөп,**
**Жолдо барам, аруу таза ойлор көп»**
«Жол тарткыла, жолго чыккыла...» ........ 7
Канат болдуң ........ 8
Поэзия – сыр дүйнөм ........ 9
Менин элим ........ 11
Оо өскөн жер, ыйык Ала-Тоом ........ 13
Кыргыз калкым ........ 15
Бабалар баскан жолдо ........ 16
Тааныш жолдор ........ 17
Ата журтум соо бол,ооруба! ........ 19
Туулган жерге багынам ........ 20
Жумгалым талант мекени ........ 21
Кызартым ........ 23
Жашыл тоолор ........ 25
Тоолордо менин ырларым ........ 26
Тоо элинин бактылуу бир кызымын ........ 27
Кымбат мага кыргыз жери ........ 28
Доскулу ........ 29
Кетким келди ........ 30
Толкучу, толкуй берчи ........ 32
Ысык-Көлүм ........ 32
Көл жээгинде ........ 33
Сакта кыргыз ........ 34
Эгемендүү эркин күн ........ 35
Манас жаңырыгы ........ 36
«Көчмөн оюну» – кыргыз намысы ........ 37
Кыргыз кызын сүйгүлө ........ 38
Балалыгым көктомүм ........ 39
**«Сезимимдин кайрыгы,**
**Жүрөгүмдүн ачкычы»**
Булагысың ырымдын ........ 40
Табышмак сезим ........ 41
«Отуз жаш» ай сезбепсиң... ........ 42
Сен мен үчүн ........ 43
Сиз үчүн ........ 44
Келчи, келчи ........ 45
Сүйүү түрү ........ 46
Белегим бар ........ 47
Келээринди билгем, сезгем... ........ 48
Жоктобо ........ 49
Өзүң менен бүтүнмүн ........ 51
Бактылуумун мен бүгүн ........ 52
Жан дүйнө жалгыз зарыгат ........ 53
Белек болуп сунулдуң ........ 54
Жашагын, жаша ........ 55

Жашоо кымбат........................................................ 56
Кайдан табам ........................................................ 57
Күзгү нөшөр ........................................................ 58
Кел сүйүү ........................................................ 59
Сезим кайрык ........................................................ 60
Алып калчы........................................................ 61
«Дализар» (*Түш аяным*)........................................................ 62
Ардагыңыз болуп калалсам ........................................................ 63
Күтүп жүрөм........................................................ 64
Жашап калдык ........................................................ 65
Гүл болуп чыгайынчы........................................................ 66
Суранба ........................................................ 67
Сен кеткенде........................................................ 68
Сүйүүнүн бийиктиги........................................................ 69
Тагдыр шамын жагаармын........................................................ 70
Сүйүү ........................................................ 71
Сулуу жигит ........................................................ 72
Түш элес........................................................ 73
Сүйүү шамы........................................................ 74
Ал бир мерез........................................................ 75
Жигиттин ыры........................................................ 76
Күткөнүң бар ........................................................ 77
Кечир мени........................................................ 78
Кымбатыма барайынчы........................................................ 79
Эргүү ........................................................ 80
Сезейинчи........................................................ 81
Билдирип кой........................................................ 82
Таңкы элес ........................................................ 83
Сени менен ........................................................ 84
Алгач сүйүү ал ыйык болчу дейли ........................................................ 85
Кабарлашкын........................................................ 86
Баягы жол ........................................................ 87
Өзгөрдү...өмүрлөр башкача,........................................................ 88
Жолумда турсаң ак шамым болуп ардагым,........................................................ 88
Эркиндиктер бараткансыйт жок болуп,........................................................ 89
Көөдөндө толгон санаалар улам созулуп,........................................................ 89
Түнкү ак шам ........................................................ 90
Булагым........................................................ 91
Эмнеге........................................................ 92
Болсоңчу шамым........................................................ 93
Келсең эмне ........................................................ 94
Мезгил бар сагындырган ........................................................ 95
Оо жигит, кандай жансың........................................................ 96
Ыйык сезим........................................................ 97
Чакырчы мени ........................................................ 98
Мага жетээр........................................................ 99
Өмүр ........................................................100
Бакыт тура ........................................................101
Ой тилек........................................................102
Өмүр тизмеги ........................................................103

Жашоо сенсиң........104
Жүрөктө сакта........105
Кыйын тура........106
Токто мезгил, шашпагын........107
Тилек........108
Бийик бол........109
Мезгил тизгини........111
Бир эле сөз........112
Кайдыгер калалбайм........113
Жалганчылар жадатты........115
Оо, өмүрлөр кечиргиле........116
Болсо деймин........118
Өкүнөм........119
Жашоо жолу........120
Адам болуу өтө кыйын........121
Күн жаңы........122
Жашап келем........123
Жактырдым кышты аяздуу........124
Жаз жана күтүү........125
Жаз төрөлдү, жаз мына........126
Нооруз майрам, жаз майрам........127
Арча жыты........128
Макул элем........129
Пушкиндин касиеттүү кайыгында........130
Жүрөт дебе........131
Акынга........132
Кара туман (*Дача-су айылында курман болгон боордошторго*)........133
Казак, кыргыз боордош эл........134
Бир күнүң бар........135
Китеп дил (*Бүткүл дүйнөлүк китептер күнүнө*)........136
Мага кымбат........137
Сырдуу үн (*А. Осмоновдун айкелине таазим*)........138
Кыргызымды даңктаймын........139
Ыр жаралаар........140
Өтүнүч........141
Коштошуу........143
Алсыз болбо........144
Алкыш айтам........145
Бирөө жүрөт........146
«Тоолор, тоолор мени чакырып...»........148
Турмуш саптары........149
**Арнайм ырдын гүлдөрүн**........151
Оо акын, ырдын пири........151
Акын өскөн айылына суктандым
(*Акын А.Осмоновдун-100 жылдыгына*)........153
«Өзгөчө»- из калтырдың (*таякем Беганас Сартовго-70 жыл*)........154
Өчпөс өмүр бактысы (*акын, сатирик Мидик Алыбаевдин
100 жылдыгына*)........155
Күн акыны (*акын Ж. Мамытовдун жаркын элесине*)........157

Агайыма (*Адабиятчы, филология илимдеринин доктору, академик С.Байгазиевге*) ........................................159
Суктанамын (*Акын, философия илимдеринин доктору К.Сариевага*) ........................................160
Кыргызымдын кыраан кызы (*класссташым жазуучу-Кален Сыдыковага*)........................................161
Кубат мага (*Апам – Бачик Жумашукуровага* )........................................162
Көп жашап, жүздөн ашыңыз (*кайын апам- Сакиш Мамбетовага*)...163
Ак кызым (*кенжетайым Сезимге* )........................................164
Бар бололу, бир бололу (*бир туугандарыма*) ........................................165
Өсө бер, иним өсө бер! (*иним Жумасыдыков Райга арнайм*) ...........166
Неберем күнүм жыргалым........................................169
**Котормолор** ........................................170
Апама кат (*Казак акыны Кайырбек Шагыр «Домбырага шаң конбаса» китебинен*) ........................................170
«Балдырган» жана бала кез (*казак акыны Кайырбек Шагыр «Домбырага шаң конбаса»китебинен*) ........................................172
Инабат (*Кайырбек Шагыр «Домбырага шаң конбаса» китебинен*) ...173
Табышуу (*Казак акыны Кайырбек Шагыр «Домбырага шаң конбаса»*)........................................175
Таңкы элес (*Казак акыны Азамат Акылбеков «Күзгү шөп»китебинен*) ........................................176

---

*Көркөм-адабий басылма*

**БАЙЧУКУЕВА АНАРА**

**СЕЗИМ КАЙРЫК**

*Ырлар*

Редактор *Ж. Медералиев*
Корректор *С. Нуртазаева*
Дизайнер *Э. Исаков*
Компьютерде калыпка салган *Р. Терибаева*

Басууга кол коюлду 21.08.2017.
Кагаздын форматы $60x84^1/_{16}$
Көлөмү 11,25 басма табак. Тираж 200.

«Фаст принт» басмасы
Бишкек ш., А. Үсөнбаев көчөсү, 190